Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
16-декабры

№99 (3756)

www.erkin-too.kg

# ИНВЕСТИЦИЯ – ӨНҮГҮҮНҮН НЕГИЗГИ БУЛАГЫ




***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев  кечээ "Инвестициялык багыт: мамлекет жана бизнес" форумуна катышты.***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы, Кыргызстандын инвестициялык стратегиясы – бул өлкөгө улуттук жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, инвестициялык климатты жакшыртуу, экономиканы туруктуу өнүктүрүү жана социалдык-экологиялык максаттарды ишке ашыруу үчүн мамлекеттик деңгээлде белгиленген иштердин системасы экенин билдирди. Ал өлкөдө жүргүзүлүп жаткан реформаларга кыскача токтолуп, акыркы беш жылда Кыргызстандын ички дүң продукциясы дээрлик үч эсеге көбөйгөнүн, быйылкы жылдын 11 айында ички дүң продукциянын өсүшү 10,2%ды түзгөнүн белгиледи.

"Кандай гана мамлекет болбосун инвестиция мамлекет үчүн экономикалык өсүштүн, туруктуулуктун жана өнүгүүнүн негизги булагы. Азыркы кырдаалда убакыт инвестордун негизги капиталы болсо, өлкө ичиндеги туруктуулук мамлекеттин жана бизнестин ийгиликтеринин ачкычы. Ошол эле учурда стратегиялуу инвестиция бул келечектин перспективалуу ишенимдүү жолу. Биздин өлкөдө инвестициянын туруктуу өсүшү байкалууда. Бул Кыргыз Республикасы жагымдуу инвестициялык өлкөгө айланып баратканын тастыктайт. Белгилей кетсек, 2021–2024-жылдар аралыгында түз инвестициянын орточо жылдык көлөмү 1995–2020-жылдарга салыштырмалуу 140%дан ашык өскөн", - деди Адылбек Касымалиев. Ошондой эле гидроэнергетикага, логистикага, айыл чарбага, тоо-кен тармагына, IT тармагына, халал индустриясына, туризмге, фармацевтикага инвестиция тартууга өзгөчө көңүл бурулуп жатканына токтолду.

**"Эркин-Тоо" пресс**

"Эркин-Тоо"

*гезитине 2026-жылдын 1-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!*

**Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 2115 сом 60 тыйын***
**Индекс: 68451**


**КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 6 айга:**
***которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4135 сом 80 тыйын***
**Индекс: 77347**

**Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА

## ЯПОНИЯ МЕНЕН БЕКЕМ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУ МАМИЛЕДЕБИЗ



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кечээ 15-декабрда Япониянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Рюити Хиранону Ишеним грамотасын тапшыруусуна байланыштуу кабыл алып, аны Кыргызстандагы дипломатиялык миссиясынын башталышы менен куттуктады.

Мамлекет Башчысы Кыргызстан Японияны жакын дос жана маанилүү өнөктөш катары эсептей турганын белгилеп, өлкөлөр ортосундагы достук мамилелер жыл сайын чыңдалып жатканын белгиледи. Андан тышкары Кыргызстан менен Япониянын ортосундагы кызматташуу жылдарында бекем жана натыйжалуу формат түзүлгөнүн айтып, узак мөөнөттүү демилгелер ишке ашырылып, жогорку деңгээлдеги эки тараптуу байланыштар өнөктөштүктүн артыкчылыктуу багыттарын кеңейтүү жана жаңылоо болуп жаткандыгына токтолду.

Өз кезегинде Япониянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Рюити Хирано көрсөтүлгөн меймандостук үчүн ыраазычылык билдирип, эки мамлекеттин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнүн жана өнөктөштүктүн жогорку деңгээлин белгиледи. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине Япониянын Императору Нарухитонун жана Премьер-министри Санаэ Такаитинин атынан жылуу салам жолдоп, алардын жакынкы аралыкта Мамлекет Башчысын Японияга сапар менен кабыл алууга даяр экендиктерин баса белгиледи.

## "МУРАС" ФУТБОЛДУК ТУРНИРИ – СЕРГЕК ЖАШООГО ҮНДӨӨНҮН ЭҢ МЫКТЫ ҮЛГҮСҮ

Өткөн аптанын аягында Бишкек шаарында Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда кезектеги "Мурас" футболдук турнири болуп өттү. "Мурас" турнири Мамлекет Башчысы тарабынан демилгеленип, 2021-жылдан тарта өткөрүлүп келет. Андан бери футзал турнири Кыргызстандын коомдук турмушунда жакшы салтка айлана алды.

Турнирдин жүрүшүндө Президент Садыр Жапаров 2021-жылы кыргыз футболунун 100 жылдыгына арналган иш-чаралардын алкагында биринчи турнир өткөнүн эске салды. Анда болгону 6 команда катышкан. 2022-жылы турнир расмий түрдө "Мурас" деген аталышка ээ болуп, ага 8 команда катышкан. Кийинки жылдары командалардын саны 16га жеткен.

Бул жылы да турнирге ар кайсы мамлекеттик мекемелерден келген 16 команда катышты.

Президент бул мелдеш да калк арасында сергек жашоо мүнөзүн жайылтууга, спортко болгон кызыгууну арттырууга, ошондой эле мамлекеттик мекемелер арасында өз ара түшүнүшүүнү жана биримдикти бекемдөөгө багытталганын баса белгиледи.

Быйылкы жылдын эсебинен уюштурулган турнирдин жыйынтыгында биринчи орунду "Аймактар" командасы ээлеп, 400 миң сом утуп алды. Мамлекет Башчысы "Мурас" футболдук турниринде биринчи жолу жеңишке жеткен "Аймактар" командасын куттуктады. Экинчи орунга "Президенттин командасы" чыгып, 300 миң сом алды. 200 миң сом байге алган "Ден соолук" командасы 3-орунду ээледи. "Ыйман" командасы төртүнчү орунду алып, 100 миң сомдук сертификатка ээ болду.



## АДЫЛБЕК КАСЫМАЛИЕВ РОССИЯГА БАРДЫ



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Россиянын Москва шаарына болгон иш сапарынын алкагында илим жана технологиялар жаатындагы кызматташтык боюнча эл аралык конференцияга катышты.

Алгач МинКаб Башчысы ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жана байкоочу мамлекеттин өкмөт башчылары менен биргеликте Москва шаарындагы Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн (ВДНХ) аймагында жайгашкан атом өнөр жайынын өнүгүшүнө арналган эң ири билим берүү комплекси саналган "Атом" павильонундагы музей менен таанышып чыкты. Андан соң Адылбек Касымалиев ушул эле комплексте өтүп жаткан илим жана технологиялар жаатындагы кызматташтык боюнча эл аралык конференцияга катышты.

Конференцияда экологиялык коопсуздукту жана энергиянын натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн газ жана суюк чөйрөлөрдү тазалоо системалары, радиоактивдүү калдыктарды коопсуз сорттоо жана паспорттоштуруу үчүн роботтоштурулган система, лазерлер, оптоэлектроника, 5G жана медицина үчүн материалдарды жана компоненттерди иштеп чыгуу, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден коргоо үчүн жөргөмүш уусунун токсининин негизинде экологиялык жактан таза инсектициди иштеп чыгуу, илимий тармак түзүү жана нейтрондук нурлануу орнотмолоруна жеткиликтүүлүк боюнча бир катар презентациялар көрсөтүлдү.

## ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КООПСУЗДУК ЧЫҢДАЛУУДА

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев Энергетика министрлиги менен үч эл аралык компаниянын ортосунда энергияны топтоо системаларын жыйноо, жеткирүү жана монтаждоо жаатындагы өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга кол коюу аземине катышты. Тактап айтканда меморандумга Кыргыз Республикасынын Энергетика министри Таалайбек Ибраев, Amperex Technology Co., Limited (CATL), Xiamen Ampace Technology Limited (Ampace) жана Yangpu Xinchuan Linghang Newenergy Technology Co., Ltd. (YXL) компанияларынын өкүлдөрү кол коюшту.

Бул компаниялар энергияны топтоо боюнча чечимдердин дүйнөлүк өндүрүүчүлөрү жана жеткирүүчүлөрү болуп саналат, ири масштабдагы кайра жаралуучу энергия долбоорлорун ишке ашырууда чоң тажрыйбасы бар.

Кол коюлган документ энергияны сактоонун заманбап технологияларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, энергетика системасынын туруктуулугун жогорулатууга жана Кыргызстанда энергиянын кайра жаралуучу булактарына өтүүнү колдоого багытталган.

Белгилей кетсек, буга чейин бул кызматташуунун алкагында 2 саат 15 мүнөттө 100 кВт кубаттуулукту камсыз кылган "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКнын имаратында 200% кубаттуулуктагы 100 кВт энергия сактоочу блок тесттик режимде орнотулган. Электр энергиясынын булагы катары имараттын чатырына Күн батареялары орнотулган.



## "ТАМЧЫ" ФИНАНСЫЛЫК АЙМАГЫН ТҮЗҮҮ ТАЛКУУЛАНДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиевдин жетекчилиги алдында "Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ишке ашырылышынын жүрүшү тууралуу жыйын болуп өттү.

Белгилей кетсек, жогорудагы мыйзам "Ысык-Көл облусунун аймагында өзгөчө укуктук режим бар атайын инвестициялык аймакты жана англис укугун колдонуу менен талаш-тартыштарды жөнгө салуу боюнча көз карандысыз эл аралык борборду түзүү боюнча чаралар жөнүндө" Президенттин Жарлыгын ишке ашыруу максатында кабыл алынып, аны ишке ашыруу үчүн мыйзам алдындагы актыларды иштеп чыгуу боюнча Жол картасы бекитилген.

Отурумда мыйзамды ишке ашырууну тездетүү үчүн далилдүү чараларды көрүү, пайда болгон маселелерди аныктоо жана аларды биргелешип чечүү жолдорун иштеп чыгууну талкуулашып, жыйынтыгында протоколдук тапшырмалар берилди.

"Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагын түзүүнүн максаты – Кыргыз Республикасынын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу, инвесторлордун, анын ичинде чет өлкөлүк инвесторлордун иши үчүн жагымдуу укуктук жана башка шарттарды түзүү болуп саналат.

**Даярдаган Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ОРДОЛУУ АЙМАКТА ЭМНЕ КЕП?

КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү **Аманкан КЕНЖЕБАЕВ:**

# “Облустун башына келишим мен үчүн да күтүүсүз болду...”



***Жакында жыйынтыкталган парламенттик шайлоодо жеңилүү ызасын тартканы менен эртеси ордолуу Ош облусун башкарууга ооматы оогон Аманкан Батырбекович менен телефон аркылуу байланышып, көпчүлүктү таңгалдырган карьералык жүрүшү тууралуу баарлаштык.***

**– Аманкан Батырбекович, жакында парламенттик жарыштан топ жарып чыга албаганыңыз менен эртеси ордолуу аймакка карьералык секирик жасап кеткениңизге көпчүлүк дагы деле таңданууусун жашыра элек. Алгач карьералык жүрүшүңүздү кеп кылбайлыбы? Күтүүсүз жүрүш жасап жатсаңыз, алдыга карай олуттуу программа менен деле келгенге жетишпедиңиз го, ээ?**

– Ооба, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп дайындалганым мен үчүн да күтүүсүз болду. Шайлоонун эртеси Президенттик Администрацияга чакырышып, баскан жолумду баяндаган өмүр баяндык маалыматым менен таанышышкан соң Өлкө Башчысына киргизишип, буйрук экен Ош облусуна иштөө үчүн жөнөтүлдүм. Ырас, мойнума жоопкерчиликтүү милдет тагылган соң облустун саясий, социалдык-экономикалык жагы, жалпы аймактагы абал менен жакындан таанышып, эл менен иштөөнүн үстүндө алпурушуп жатам. Облустагы жергиликтүү жетекчилер менен сүйлөшүп, эл аралап, кыскасы бир мүнөттү текке кетирбей, ушунча келген соң элибизге кызмат кылуунун үлгүсүн көрсөтүү үчүн бар аракетимди көрүүдөмүн.

**– Жалпы жонунан облустагы абал менен таанышыпсыз да. Алдыдагы Курултайга, арылатканда жазга карай камылга кандай экен?**

– Азыр кыш чилдеге карай жергиликтүү элди көмүр менен камсыз кылуу мен келгиче 90%га чечилиптир. Ал эми оорукана, мектеп, бала бакча ж.б. социалдык имараттар 100% “кара алтын” менен камсыз кылыныптыр. Шайлоо өлкө аймагы боюнча тынч маанайда жыйынтыкталганын жакшы билесиздер да. Облустун аймагында деле бул жагынан абал ошондой. Ал эми IV Элдик Курултайга Ош облусуна бөлүнгөн квотага ылайык делегаттар шайланып, учурда бул жаатта календардык иш графикке ылайык бардык айыл аймактарда өкүлчүлүктүү жыйындар толугу менен өткөрүлүп, кеңештин токтомдору кабыл алыныптыр. Делегаттарды шайлоо, жалпы камылга жакшы деп айта алам. Ал эми жазга карай камылганы баштадык. Жаздын камылгасы кышта эле эмес, жылдын төрт мезгилинде тең күчүндө болушу керек деп эсептейм.

**– Облуста кышкы туризмди жолго коюп, бул жагынан иш кылса болот бекен?**

– Ноокат районунда “Кара-Кой” мамлекеттик паркында жалпы баасы 385 миллион сомду камтыган, жылдын 4 мезгилинде тең бардык шартта эс ала тургандай атайын жайды түзүү боюнча иштерди алып барып жатабыз. Облуста дал ошол сиздер атаган кышкы туризм боюнча жеке ишкерлер тарабынан да атайын өзүнчө иштер алып барылууда. Облустун бардык райондоруна инвесторлорду тартуу менен эс алуу жайларын курууга аракетибизди кылышыбыз керек экен. Менин көзүм жетти, Ош облусунда кышкы туризмди өнүктүрүүгө сонун шарттар карапыптыр. Сөздүн кыскасы, токтобойбуз. Ушунча келген соң иштейбиз, колдон келишинче элибиз үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрүбүздү жумшоого даярбыз.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

**P.S.** *Аманкан Кенжебаев 1967-жылы Чүй облусунда туулган. Жергиликтүү жана Жогорку Кеңештин депутаты. Сокулук районунун 2 жолку акими. Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп иштеген. Кесиби зоотехник жана экономист.*

## КР БЮДЖЕТИ ТРИЛЛИОН СОМДОН АШАТ




Жыл соңунда коомчулукта «2026-жылга карата Кыргыз Республикасынын бюджети триллион сомдон ашат» деген маалыматтар кызуу талкууланууда. Айрым адамдар муну экономикалык ийгилик катары бааласа, бир тарабы “бул акча элге чындап жетеби же кагаз жүзүндөгү санбы?” деген суроону коюшууда. Чынында, бул маалыматтын канчалык чындыгы бар жана триллион сомдук бюджет эмненин эсебинен калыптанууда? Триллион сом деген мифпи же реалдуулукпу? Келиңиздер, чогуу саресеп салып көрөлү. Расмий эсептерге ылайык, 2025-жылы Кыргызстандын консолидацияланган бюджети (республикалык + жергиликтүү бюджеттер) тарыхта биринчи жолу 1 триллион сомдон ашты. Ушул тенденция сакталса, 2026-жылы да бюджеттин көлөмү триллион сомдун чегинен төмөндөбөйт деген божомол бар. Демек, “триллион сомдук бюджет” – бул саясий ураан эмес, акыркы жылдардагы бекем тартиптин негизинде көзөмөлгө алынган фискалдык саясаттын натыйжасында ишке ашкан реалдуу көрсөткүч.

## БЮДЖЕТ ЭМНЕНИН ЭСЕБИНЕН ӨСҮҮДӨ?

Республикалык бюджеттин кескин өсүшү бир нече негизги фактор менен түшүндүрүлүүдө. Биринчиден, салыктык кирешелердин көбөйүшү. Акыркы жылдары бажы жана салык кызматтарында администрациялоо күчөтүлүп, көмүскө экономиканы азайтуу чаралары көрүлдү. Натыйжада кошумча нарк салыгы, акциздер жана киреше салыктары бюджеттин негизги булагына айланды. Экинчиден, салыктык эмес кирешелердин өсүшү. Улуттук банктын пайдасынын бир бөлүгүн бюджетке которуу, мамлекеттик ишканалардын дивиденддери жана айрым төлөмдөрү бюджетке олуттуу кошумча каражат алып келүүдө. Үчүнчүдөн, тышкы факторлордун салымы. Эл аралык гранттар, инвестициялык долбоорлор жана өнүктүрүү фонддору аркылуу капиталдык чыгашалар көбөйүүдө. Бул каражаттар түздөн-түз бюджеттин көлөмүн чоңойтуп жатканы маалым. Төртүнчүдөн, экономикалык өсүштөр. ИДПнын өсүшү салыктык базанын кеңейишине шарт түзүп, бюджетке түшкөн каражаттардын көлөмүн арттырууда.

## ПРОФИЦИТ ДЕГЕН АРТЫКЧЫЛЫКПЫ?

Акаевдин бийлигинин акыркы фазасында да HIPC демилгесине даярдык, ЭВФ менен макулдашылган катуу фискалдык тартип, чыгымдарды кыскартуу, социалдык программаларды “тоңдуруу” эсебинен айрым жылдары бюджет нөлгө жакын же майда профицит менен кабыл алынган учурлар болгон. Бирок бул суроо-талаптан “акча ашып калды” дегенди билдирген эмес. Эмне үчүн “профицит” деп көрсөтүлгөн? Ал убакта профицит көбүнчө мамлекеттик карызды тейлөөгө акча топтоо, ЭВФ талап кылган макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү сактоо, бюджетти дүйнө коомчулугуна формалдуу тең салмакта көрсөтүү үчүн колдонулганы маалым. Башкача айтканда, профицит – элге бөлүштүрүүчү финансы ресурсу эмес, кредиторлорго ишеним сигналы катары колдонулган. 2026-жылга карата бюджет долбоорлорунун профицит менен кабыл алуу планы – бул чоң социалдык резерв эмес, негизинен бюджеттин тең салмактуулукту сактоого багытталган техникалык көрсөткүч. Ошондуктан профицитти “элге бөлүнчү ашыкча акча” катары кабыл алуу туура эмес. Негизги маселе – бюджеттин көлөмүндө эмес, анын кантип жана кайда натыйжалуу жумшаларына байланыштуу.

## ТРИЛЛИОН СОМ ЭЛГЕ ЖЕТЕБИ?

Мына ушул суроо коомчулук арасында абдан маанилүү маселеге айланып турат. Тажрыйба көрсөткөндөй, бюджеттин көлөмү чоң болгону менен анын пайдасын эл дайыма эле сезе бербейт. Себеби, чыгашалардын олуттуу бөлүгү борборлошкон ири долбоорлорго жумшалат. 2020-жылга чейин аймактарга каражат жеткирүү механизми ар дайым ачык жана адилеттүү болгон эмес. Мамлекеттик сатып алуулардагы натыйжасыз иш-аракеттер, коррупциялык тобокелдиктер каражаттын “жолдо жоголушуна” алып келген учурлар көп болгон. Эгер бюджеттин өсүшү социалдык кызматтардын сапатына – медицина, билим берүү, таза суу, жол, жумуш орундарына – түз натыйжалуу таасир бербесе, триллион сом эл үчүн статистикалык гана сан болуп кала берет.

Адистердин пикирине таянсак, триллион сомдук бюджет чындап элге иштеши үчүн бир нече шарттарга көңүл буруу зарыл: Биринчиден, жергиликтүү бюджеттерге бөлүнгөн трансферлер (Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге бөлүнгөн акча каражаттары) так формула менен, калктын санына жана муктаждыгына жараша жүргүзүлүшү керек. Экинчиден, мамлекеттик сатып алуулар толук ачык болуп, коомдук жана медиалык көзөмөл күчөтүлүшү зарыл. Үчүнчүдөн, бюджеттин өсүшү биринчи кезекте социалдык тармактарга жана региондор аралык тең салмактуулукка багытталышы шарт. Төртүнчүдөн, ири инвестициялык долбоорлор жергиликтүү жумуш орундарын түзүүгө жана реалдуу экономикалык эффект берүүгө милдеттүү.

Кыргызстандын бюджети 2026-жылга карата триллион сомдон ашары – реалдуу көрүнүш. Бул экономикалык активдүүлүктүн, фискалдык тартиптин бекемделишинин жана киреше булактарынын кеңейишинин натыйжасы. Бирок бюджеттин көлөмү – максат эмес, курал гана. Эгер бул каражаттар ачык, адилеттүү жана натыйжалуу пайдаланылбаса, триллион сом да элдин жашоосунда олуттуу өзгөрүү жарата албай калышы мүмкүн. Ошондуктан эл тарабынан коюлуп келген негизги суроо, бюджетте канча акча бар экенинде эмес, ошол бюджеттик каражат элге кандай жол менен жеткирилет? Эл – мамлекеттин экономикалык жактан өнүгүүсүнө кандай салым кошот? Мына ушул суроонун айланасында иш алып баруу эң орчундуу маселелердин бири.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЖАҢЫ ПАРЛАМЕНТ




# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ЖЫЙЫНЫ 17-ДЕКАБРДА ӨТӨТ

***Борбордук шайлоо комиссиясы 30-ноябрда өткөн Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун расмий жыйынтыгын бекитти. БШКнын 12-декабрдагы жыйынында 87 талапкер шайланды деп табылып, жыйынтыктоочу токтом кабыл алынды. Жаңы шайланган депутаттардын жыйыны 17-декабрга пландаштырылып жатат. Жогорку Кеңештин VIII чакырылышы биринчи жыйынга чогулган күндөн тартып мурдагы депутаттардын ыйгарым укуктары токтойт.***

Ошентип, эч кандай ызы-чуусу, тополоңу жок парламенттик шайлоону жыйынтыктап алдык. Эл арасында ири нааразычылыктар болгон жок. Бул жалпыбыз үчүн чоң жеңиш болду окшойт десек жаңылышпайбыз. Анткени, эгемендүүлүк алгандан бери Жогорку Кеңештин шайлоолору кандай өтүп келгенин билебиз. Мамлекетибиздин тагдырын бычактын мизине чыгарган төңкөрүштөрдүн баары так ушул парламенттик шайлоолордон кийин орун алган. Административдик ресурс колдонуп, бийлик тандаган талапкерлер көз көрүнөө сүрөөнгө алынып, коомчулуктун кыжырын кайнатчу. Адилетсиздикке чыдабаган эл толкуп, жыйынтыгы тоз-тополоң менен бүтчү.

Быйыл андай калпыстыктарга жол берилген жок. Административдик ресурс дегендин кыпындай дагы көрүнүшү болбоду. Пачкалап бюллетень салган, карусель ыкмасын пайдаланган, кайра-кайра добуш берген ыплас технологияларга орун берилбеди. Санариптештирүүнүн натыйжасында, андай ыкмалар өзүнөн өзү жокко чыкканына күбө болдук. Бир гана өкүнүчтүү жагдайы, тымызын добуш сатып алуулар болгону айтылып жатат. Бул эми талапкер менен шайлоочунун ортосундагы маселеге байланды, бул жерде бийликтин эч кандай катыштыгы жок. Арийне, таштап койбой, добуш сатып алгандарды кармап калса дароо шайлоодон четтетип, кылмыш ишин козгоп, жазалап жатты. Шайлоонун алдында Президент баш болуп добушту сатпоо керектигин тынымсыз айтып жатты. Айтор, шайлоону таза өткөргөнгө колдон келишинче аракет кылды, ага жалпыбыз күбө болдук. Шайлоо калыс, адилет өттү. Кийинкилери мындан дагы таза өтөрүнө ишеним жаралды.

БШК төрагасы Тынчтыкбек Шайназаров ири иш-чара аягына чыкканын, нааразычылык акциялары болбогонун билдирип, Жогорку Кеңештин алгачкы жыйынынын датасын айтты.

“Ушуну менен чоң иш-чараны бүтүрдүк. Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу болсо керек, митингдер болгон жок. Борбордук шайлоо комиссиясынын же Аймактык шайлоо комиссиясынын жанында нааразы жарандардын келген фактылары аныкталган жок, болгон да жок. Ошондуктан бул да бир көрсөткүч, жетишкендик деп баалайт элем. Бул үчүн баарыңыздарды куттуктайм. Акыркы чечимди – токтомду биз кабыл алдык. Жогорку Кеңештин 87 депутатын каттадык. Расмий иш-чара Жогорку Кеңештин имаратында 17-декабрга пландаштырылып жатат” деди Т.Шайназаров.

Ал арада Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктары боюнча соңку маалыматты жарыялап, шайлоону өткөрүүдө өзүнүн милдеттерин мыйзамдын талаптарына ылайык толугу менен кынтыксыз аткарганын, бардыгы календардык пландын негизинде ырааттуу жүргөнүн билдирди. Анда белгиленгендей, өлкө аймагында 2492 шайлоо участогу түзүлдү. Анын ичинде 27 тилкеде аралыктан добуш берүү уюштурулду. Чет өлкөлөрдө 100 добушкана ачылды. Шайлоого 589 жаран талапкер болуп көрсөтүлүп, 63 жаран арызын кайтарып алса, 56 жаранга каттоодон өтүүгө баш тартуу чечими кабыл алынып, 10 талапкердин каттоосу жокко чыгарылган. Ошону менен шайлоого жалпы 460 талапкер катышкан. Алардын 271и эркек, 189у аял талапкер, майыптыгы бар 16 талапкер болду.

Өнөктүктү байкоого 58 өлкөдөн 788 эл аралык байкоочу аккредитациядан өттү. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө 137 жалпыга маалымдоо каражаты катталган. Шайлоочулардын тизмесине 4 294 243 жаран киргизилип, 1 584 446 шайлоочу добуш берди. Бул жалпы шайлоочулардын 36,90%ын түздү. 12-декабрга карата БШКнын Ыкчам чара көрүү боюнча координациялык тобуна 274 бузуулар тууралуу маалымат келип түшкөн. Шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка субъектилерине маалымат берүү жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топко 116 материал келип түшкөн. Анын ичинен 62 факты боюнча административдик айып салынган. Ал эми БШКнын Көзөмөлдөө-текшерүү тобуна төрт билдирүү келип түшсө, анын ичинен эки факты боюнча административдик айып салынган.

## ЭРТЕҢ 87 ТАЛАПКЕР МАНДАТ АЛАТ, АЛ ЭМИ...

БШК шайлоонун жыйынтыктары боюнча акыркы токтомду кабыл алып, 87 талапкерди парламенттин депутаты кылып каттады. Алар эртең мандат алат. Ал эми №13 округда өткөн шайлоонун жыйынтыгы мыйзам бузууларга байланыштуу жокко чыгарылган, анда кайра шайлоо өтүшү керек. Конституциялык Мыйзамга ылайык, аталган округ боюнча шайлоого катышкан бардык талапкерлер кайрадан талапкер болуп каттала албайт.

Эске сала кетсек, шайлоонун жыйынтыктары боюнча айрым округдарда өзгөрүүлөр болду. Атап айтсак, добуш сатып алуу учуру тартылган видеолордун негизинде аймактык шайлоо комиссиясы №8 округдагы №5249 жана №5514 тилкелердеги добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарды. Анын натыйжасында бул округдан гендердик квота боюнча алдыга чыккан Жылдызкан Жолдошованын добушу азайып, Нуржамал Төрөбекова жеңүүчү катары таанылды. Ошондой эле №9 округунун жети шайлоо тилкесиндеги (№5039, №5548, №5040, №5054, №5577, №5041, №5050) добуштар жокко чыгарылгандан кийин гендердик квота боюнча алдыга чыкканы кабарланган Ыргал Кадыралиеванын добушу кемип, ордуна Жылдыз Эгембердиева депутат катары катталды. Мындан сырткары, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болгон Элдар Абакиров Кемин районунда 460 миң сом менен адамдар кармалганын айтып, №26 шайлоо округундагы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууну талап кылган. Териштирүүдөн кийин ИИМ акча тараткан адам талапкерге тиешеси жоктугун билдирип, натыйжада БШК чечимин өзгөрткөн жок.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КАР ЖАТПАГАН АЙМАКТА

### Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Баялы ДОСАЛИЕВ:

# “КОЧКОРДО КЫШКА ДАЯРДЫК КҮЧҮНДӨ”




***Алдыдагы кыш камылгасы, Элдик Курултайга карата даярдык аймактарда кандай жүрүүдө? Мындай соболдорубуз менен биз бул сапар Кочкор районунун жетекчиси Баялы Атамырзаевичти азын-оолак кепке тарттык.***

**- Баялы мырза, ушу тапта райондун аймагында жолбун ит-куш, карышкыр-чөөлөргө массалык аңчылык жүрүп жатканынан кабардар болдук. Айтыңызчы, мергенчилердин ок-дарысы менен алардын эмгек акыларына талаптагыдай каражат бөлдүңүздөр беле?**

- Ооба, бул боюнча райондук мамлекеттик администрациядан атайын буйрук чыгардык. Райондун аймагындагы жолбун иттерди, чөө-карышкырларды атуу, мергенчилерге сый акы боюнча ар бир айыл өкмөттөрдөн каржылык каражат каралган. Эң ириде каражат болбосо болбойт. Иш жүрбөйт. Райондун элинин караганы жалгыз төрт түлүк малы болсо, аны да өчөшкөнсүп ит-кушу, кашабаң баштаган жырткычтары колдон талашып турушса, кандай болот? “Мал ачуу – жан ачуу” дейт кыргыз. Район жетекчиси катары менин ишимдеги бирден-бир артыкчылыктуу багыттар – аймактагы элдин малжанын төрт аяктуу жырткычтардан гана эмес, “эки аяктуу” “жырткычтардан” да коргоо болуп эсептелет. Андыктан, Кочкордогу мергенчиликке ышкыбоздордун жырткычтарды атуу боюнча иштери, аларга каражат бөлүп берүү боюнча райондук атайын түзүлгөн комиссия иш алып барат. Комиссиянын ишин орун басарым көзөмөлдөп жатат.

**- Элдик Курултайга даярдыкчы? Камылга жакшы элеби?**

- IV Элдик Курултайга Кочкор районуна бөлүнгөн квотага ылайык 10 делегат шайланышы абзел. Учурда бул жаатта календардык иш графикке ылайык бардык айыл аймактарда өкүлчүлүктүү жыйындар толугу менен өткөрүлүп, кеңештин токтомдору кабыл алынды. Делегаттарды шайлоо, жалпы камылга жакшы деп айта алам.

**- Райондогу кышка камылганын жыйынтыгы кандай? Бул жагынан кемчиликтер азыр байкалбай элеби?**

- Учурда райондогу социалдык имараттардын бардыгы көмүр менен толук кандуу камсыз болушту. Жакында айрым кемчиликтердин бардыгын жойдук. “Кара алтынды” элге сатуу боюнча (бекитилген баа менен) 11 көмүр сатуу базалары уюштурулду. Мындан сырткары айыл өкмөттөрдүн эсеби менен да алыскы айылдарга көмүрдү жеткирүү ыкмалары колдонулуп жатат. Ал эми жергиликтүү элге көмүр сатуу иштери активдүү жүрүүдө.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

## ЭЛЕКТРОМОБИЛДЕРГЕ БАЖЫ САЛЫКТАРЫ ЖОЮЛАТ

2026-жылы Кыргызстан үчүн электромобилдерге бажы салыктары жоюлат. Евразиялык өкмөттөр аралык кеңеш кийинки жылы Кыргызстанга электромобилдерди бажы алымысыз алып кирүүгө уруксат берүү чечимин кабыл алды. Бул тууралуу Евразия экономикалык комиссиясы билдирди. Чечимге ылайык, Кыргызстан 15 миңге чейин электр транспортун бажы алымысыз алып кирүүгө квота алды. Жеңилдик Кыргызстанда туруктуу жашаган жарандарга гана берилет. Бул транспортту Казакстан же Россиянын жарандыгы бар адамдарга ээлик кылуу же пайдалануу укугун өткөрүп берүүгө тыюу салынат.

## ТӨЛӨНБӨГӨН АЙЫП ПУЛДАР 250 МИҢ СОМДОН АШТЫ

Кыргызстанда «Коопсуз шаар» долбоорунун алкагында төлөнбөгөн айып пулдар 250 миң сомдон ашты. Бул тууралуу Башкы прокуратурага караштуу Сот аткаруучулар кызматы билдирди. Маалыматка таянсак, административдик айып пулдарды өндүрүү боюнча иштер республиканын бардык аймагында активдүү жүрүүдө. Жол тескөөчүлөр менен биргеликте түзүлгөн мобилдик топтор карыздарды өндүрүү, мамлекеттин кирешесине конфискацияланган автотранспорт каражаттарын аныктоо жана кайрылуу боюнча чараларды көрүшүүдө.

**"Эркин-Тоо" пресс**

САНАЛУУ КҮНДӨР КАЛДЫ

# КУРУЛТАЙДА МАСШТАБДУУ МАСЕЛЕЛЕР КӨТӨРҮЛҮШҮ КЕРЕК



***Келерки жумада IV Элдик Курултай болот. Баарыбыз күбө болгондой, Элдик Курултай жогорку трибунада элдин үнүн чагылдырган, улуттук биримдикти жана жарандык жоопкерчиликти бекемдеген ири форумга айланды. Ошондой эле бийликтин эл алдында жоопкерчилигин күчөтүүгө, коомдун маанилүү көйгөйлөрүн түздөн-түз жеткирүүчү механизмдин негизин түздү. Кыска аралыкта коомдун үнүн угууга багытталган платформага айланып, аймактардагы социалдык-экономикалык жана саясий маселелер мамлекеттик деңгээлде талкууланууда.***

2024-жылы өткөн III Элдик Курултайда өлкөнүн коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө байланыштуу бир катар маанилүү маселелер көтөрүлгөн. Курултайдын делегаттары көбүнчө аймактардагы социалдык көйгөйлөрдү түздөн-түз жогорку бийликке жеткирүү менен маселелерди чечип берүүнү өтүнүшкөн. Жыйынтыгында аймактарды өнүктүрүү, билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарын жакшыртуу, коррупцияга каршы күрөшүү жана курулушту күчөндүрүү сыяктуу тармактар артыкчылыктуу багыт катары аныкталган. III Элдик Курултайда стратегиялык маселелерге басым жасалары айтылганы менен социалдык маселелер менен кайрылгандар арбын болгон. Бул көйгөйлөр тиешелүү министрликтердин иш планына киргизилип, 2025-жылдын ичинде бийлик тарабынан бул багытта бир катар иштер аткарылууда.

Эки маселеге токтолуп кетсек, аймактардагы мектеп, бала бакча жетишсиздиги көйгөйү көтөрүлгөн. Быйыл августка карата 115 социалдык объектинин курулушу жана капиталдык ондоо иштери аяктаган. Алардын арасында 63 мектеп, 19 бала бакча курулган. Мындан сырткары, 2025-жылдын соңуна чейин дагы 100дөй социалдык объектини пайдаланууга берүү пландалууда. Ал эми жол куруу боюнча Транспорт жана коммуникациялар министрлиги рекорддук көрсөткүч жаратып, 2024-жылы жолго асфальт төшөө көрсөткүчү 802 километрди түзсө, быйыл жаңы салынып, асфальтталган жолдор 1200 чакырымдан ашкандыгын билдирди. Мунун ичинде курултайдагы кайрылууларда айтылган жолдор да камтылган. Мисалы, курултайда көтөрүлгөн, Жаңы-Арык – Кызыл-Суу жолунун 8 чакырымы асфальтталды. Бишкек–Кант–Токмок унаа жолунда асфальттын биринчи катмарын төшөө иштери жыйынтыкталды.

Өткөн аптада Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин кезектеги отуруму болуп, аны жаңы дайындалган Мамлекеттик катчы Арслан Койчиев өзү жетектеди. Талкууга курултайды уюштуруу комитетинин мүчөлөрү менен бирге онлайн аркылуу Президенттин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү да катышты. Аталган отурумда IV Элдик Курултайды өткөрүүгө карата аткарылып жаткан иштер, даярдыктар боюнча төрт маселе каралып, анын арасында курултайдын программасы талкууланды. Курултайда шайланган өкүлдөр алдын ала өз жыйындарын өткөрүп, Улуттук кеңештин төрагасын жана эки орун басарын шайлайт. Алар Элдик Курултайдын жалпы жыйынында бекитилет.

Программада президенттин кайрылуусу, андан кийин Жогорку Кеңештин Төрагасынын жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын баяндамасы камтылган. Президенттин кайрылуусунда Кыргызстандын, жалпы коомчулуктун ички жана тышкы саясаты жөнүндө кеңири маселе көтөрүлөт. Ал эми Министрлер Кабинетинин Төрагасынын баяндамасында дагы чоң маселелер ортого салынып, талкууга коюлушу күтүлүүдө. МинКаб Төрагасынын баяндамасында III Элдик Курултайда көтөрүлгөн маселелердин аткарылышы тууралуу маалымат берилип, II, III курултайда айтылган сунуштардын аткарылышы, азыркы учурдагы абалы боюнча баяндама-билдирүү болот. Курултайда түшкөн сунуштар, алардын чечилиши, аткарылыш этабы тууралуу жыйынтыктар Төраганын билдирүүсүндө белгиленмекчи.

Баарыбыз билгендей коомчулук курултайда масштабдуу маселелер көтөрүлсө деп турат. Делегаттар буга чейинкидей бала бакча, мектеп, жол ж.б. айтып майдаланбай, өлкөнү өнүктүрүүгө багытталган ири программалар, стратегиялык документтер менен байланышкан сунуш-пикирлерди берип, келечекти аныктай турган орчундуу темалар боюнча сүйлөсө дешүүдө. IV Элдик Курултайда мамлекет кайда баратат, биздин тагдыр кандай болот, дүйнөлүк коомчулуктагы ордубузду кантип табабыз деген маселелер жөнүндө талкуу жүрсө дегендер бар. Айтор, майда-чүйдөдөн өйдөрөөк көтөрүлүп, жогорку деңгээлдеги сөздөр айтылса деп турушат. Анткени, бийлик акыркы жылдары жигердүү иштеп, 30 жылдан бери чоң көйгөйгө айланган маселелердин көбүн чечти. Аны кайталай берүүнүн кажети жок. Эми жогору карай көтөрүлө беришибиз керек.

**Саясат таануу илимдеринин доктору, профессор Жолборс Жоробеков мамлекеттик деңгээлдеги бийик маселелер көтөрүлсө деген тилек менен отурат.**

– IV Элдик Курултайга аз гана убакыт калды. Бул курултай буга чейинки курултайларга караганда башка болот го деп турам. Анткени, азыр баланча жерде мектеп же бала бакча жок, түкүнчө жерде жол салынбай калды, суу келбей жатат деген өңдүү маселелер көтөрүлбөйт деп эсептейм. Себеби, аталган көйгөйлөр учурунда болгон, алардын баары бийликтин жигердүү аракеттеринин аркасында биринин артынан экинчиси каз-катары менен чечилип жатат. Бул сапар мамлекеттин багыты, орду кандай болору тууралуу бийик маселелер көтөрүлөт деп ойлойм. Кечээки өткөрүлгөн шайлоонун жүрүшү, анын түзүмү, жакшыртуу багытындагы жол-жоболору боюнча дагы изги сунуштар берилет деп эсептейм. Кыскасы, биз өзүбүздүн жолубузду табышыбыз керек.

**Тарых илимдеринин кандидаты Табылды Акеров IV Элдик Курултайда социалдык маселелерди эмес, жалпы коомду түйшөлткөн көйгөйлөрдү көтөрүүгө чакырды.**

– Курултай жашоо турмушубуздагы терс көрүнүштөрдү жоё турган институт болушу керек. Мисалы, балдарга жана аялдарга карата зомбулук, билим берүүнүн деңгээли жана башка ушуга окшогон келечектүү маселелер курултайда көтөрүлүп, талкууланышы керек. Анткени, азыр аймактарда билим берүүнүн сапаты төмөн, мугалимдер жетишсиз деген пикирлер көп айтылууда. Баары эле чыгып өз көйгөйлөрүн айтып кете беришпей, орчундуу коомдун көйгөйүнүн тегерегинде талкуу болушу шарт. Биз курултайды нукура элдик, коомдун маселелерин көтөрө турган бир институтка айландырышыбыз керек.

**Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин мүчөсү Абдрахман Алымбаев делегаттар улуттун жыйынынын өкүлү катары мамлекеттин, улуттун деңгээлиндеги маселелерди көтөрүүлөрү зарыл деп эсептейт. “Уңгу жол” программасына байланышкан салт, нарк, руханий тарбиялоо багытындагы маселелерди көтөрсө деген тилегин билдирди.**

– Делегаттар менен жолугушуу учурунда “Бүт эле айылдын көйгөйүн көтөрүп жатасыңар деген айыптар тагылып жатат, биз ал жерге барып айылыбыздын көйгөйүнөн башка дагы эмнени сүйлөйбүз? деген суроо беришти. Мисалы, жооп катары “Уңгу жол” программасына жергиликтүү көйгөйдү байлап, байланыштырып айтып чыккыла дедим. Салт, нарк, руханий тарбиялоо деген абдан көп ири маселелер бар. Делегат кайсы темада сүйлөсө да маанилүү программалар, стратегиялык документтер менен байланыштырып көйгөйүн көтөрсө жакшы болмок. Анткени, алар айылдардан шайланып барганы менен улуттун жыйынынын делегаты катары бара жатышат. Ошондуктан мамлекеттин, улуттун деңгээлиндеги маселелерди көтөрүүлөрү зарыл.

Эскерте кетсек, IV Элдик Курултайга шайланган делегаттардын ичинен эле Улуттук кеңешке өкүлдөр шайланды. 25-декабрда Улуттук кеңештин 17 мүчөсү өздөрүнүн ичинен төрага шайлашат. Буга чейин курултайга 231 айыл аймактан жана 33 шаардан жалпы 700 делегат шайланган. Президент Садыр Жапаровдун жарлыгына ылайык, быйыл IV Элдик Курултай 25-26-декабрда Бишкек шаарында өтөт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

## ТҮРКИЯДА ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЭСКЕРИЛДИ



Кыргызстандын Түркиядагы элчилиги Анкара шаарындагы Чыңгыз Айтматовдун эстеликтеринин алдында эскерүү иш-чараларын өткөрдү.

ТИМден билдиришкендей, иш-чаралар дүйнөлүк адабиятка чоң таасир эткен жана бүткүл Түрк дүйнөсүнүн маданий мурасынын ажырагыс бөлүгү болуп калган улуу кыргыз жазуучусунун туулган күнүнүн 97 жылдыгына арналды.

Эскерүү иш-чаралары бир мүнөт унчукпай туруу жана жазуучунун эстеликтерине гүлчамбар коюу менен Анкара шаарынын Кечиөрен жана Чанкая муниципалитеттериндеги Ч.Айтматов атындагы парктарда өттү.

Иш-чарага Кечиөрен муниципалитетинин башчысынын орун басары Атила Зорлу, ошондой эле Түркиянын Улутчул кыймыл партиясынын Борбордук аткаруу комитетинин мүчөсү, Чыңгыз Айтматов институтунун башкармалыгынын мүчөсү, доцент доктор Алп Йылдыз катышты.

## 263 МЕДИЦИНАЛЫК УЮМДУН ИШИ ТОКТОТУЛДУ

Саламаттык сактоо министрлиги республика боюнча жеке менчик медициналык жана фармацевтикалык уюмдарга масштабдуу текшерүүлөрдү жүргүзүүдө. Бул көзөмөл иш-чаралары медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын күчөтүү жана лицензиялоо-уруксат берүү тармагындагы мыйзамдардын аткарылышын бекемдөөгө багытталат.

Анын алкагында жалпысынан 541ден ашык жеке медициналык уюм текшерүүгө алынган. Алардын ичинен 246сы же 45,5%ы жарактуу лицензиясы жок иш жүргүзүп келгени аныкталды. Лицензиясы бар 295 субъекттин ичинен 110унда лицензиялык талаптарды бузуу фактылары табылды. Текшерүүдө лицензияда каралбаган багыттар боюнча медициналык кызмат көрсөтүү, медициналык билими жок адамдарды жумушка тартуу, санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана инфекциялык көзөмөлдүн сакталбашы, шаймандарды туура эмес стерилизациялоо, каттоого алынбаган дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды, анын ичинде өзгөчө көзөмөлгө алынуучу каражаттарды туура эмес сактоо жана колдонуу мыйзам бузуу фактылары аныкталган. Аныкталган бардык мыйзам бузуу фактылары боюнча административдик чаралар көрүлдү. Салынган айыптардын жалпы суммасы 20 млн 740 миң сомдон ашты. 263 медициналык уюмдун иши токтотулду, ал эми 246 мыйзамсыз медициналык иш жүргүзүү фактысы боюнча материалдар укук коргоо органдарына укуктук баа берүү жана тиешелүү чара көрүү үчүн жөнөтүлдү. Министрлик жарандардын лицензиясы жок медициналык мекемелерге кайрылуусу алардын ден соолугуна жана өмүрүнө олуттуу коркунуч туудурарын баса белгилейт. Анткени профилдик билими жана тиешелүү уруксаты жок адамдар көрсөткөн кызматтар оор кесепеттерге, анын ичинде инфекцияларга, медициналык манипуляцияларды туура эмес жасоого жана бейтаптардын ден соолугуна зыян келтирүүгө алып келиши мүмкүндүгүн эскертет.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Р Новости Синьцзяна


# КРУПНЕЙШЕЕ ПО ОБЪЁМУ ИНВЕСТИЦИЙ ГИДРОСООРУЖЕНИЕ СДАНО В ЭКСПЛУАТАЦИЮ

***В последние дни первый блок гидроэлектростанции Синьлункоу водозаборного проекта на реке Куйтунь была успешно подключена к сети и начала вырабатывать электроэнергию, что ознаменовало ввод в эксплуатацию крупнейшего единичного гидротехнического сооружения, построенного Синьцзянским производственно-строительным корпусом.***

Строительство водозаборного проекта на реке Куйтунь началось в июне 2020 года, общий объем инвестиций составил более 4 миллиардов юаней. Были построены гидротехнические сооружения, включая водохранилище Цзяньцзюньмяо с общим объемом 81,08 млн кубометров, а также две гидроэлектростанции с суммарной установленной мощностью 181 000 кВт. Этот проект является одним из 172 крупных гидротехнических проектов Китая в период «13-й пятилетки».

Река Куйтунь расположена на северных склонах Тянь-Шаня, на юго-западной окраине Джунгарской впадины. В течение долгого времени она подвергается воздействию таких природных бедствий, как оползни, наводнения и селевые потоки, из-за чего обеспечение надежного водоснабжения затруднено.





После ввода в эксплуатацию водопускного сооружения на реке Куйтунь уровень защиты водосборного бассейна от наводнений будет повышен до «раз в сто лет», что позволит эффективно решить проблему сезонной нехватки воды для сельского хозяйства. Обеспечивает водоснабжение для городского населения 700 тысяч человек в Хуюнхэ, Усу, Куйтуне и районе Дусаньцзы города Карамэй, включая нужды в питьевой воде, поливе зелёных насаждений, промышленности и орошении почти 2 миллионов му сельхозугодий, а также ежегодно производит 490 миллионов кВт•ч зелёной электроэнергии. Обеспеченность водоснабжения для сельскохозяйственного орошения повысится с 46% до 74%, а обеспеченность промышленного водоснабжения стабильно составляет 97%.

**(Китайская новостная служба. Фото WWW)**

# МОДЕЛЬ «ДВУХ УРОЖАЕВ В ГОД» ДАЕТ УРОЖАЙ ЗЕРНОВЫХ ПОЧТИ 2 ТОННЫ С МУ

***В последние дни, по результатам полевых тестирований, проведённых экспертной группой, внедряемая Синьцзянским производственно-строительным корпусом модель «озимая пшеница + повторный посев кукурузы» с двумя урожаями в год обеспечила среднюю урожайность почти 2 тонны с му, предоставив воспроизводимый пример для повышения зернового потенциала в засушливых районах северного Китая.***

Местом проведения данных полевых тестирований стала кукурузная плантация после повторного посева площадью в сто му, расположенная в 42-м корпусе, 4-й роте. Результаты показали: средняя урожайность кукурузы, посеянной после пшеницы, составила 1208,33 кг с му, а средняя урожайность озимой пшеницы на предыдущем поле — 747,85 кг с му. Годовая совокупная средняя урожайность достигла 1956,18 кг с му, что открыло новый путь для увеличения производства зерна в условиях ограниченных земельных ресурсов Китая.

Площадь засушливых земель в Китае составляет 50,2% от общей площади пахотных земель. В засушливых районах Северного Китая достаточно солнечного света и тепла, но наблюдается нехватка водных ресурсов, поэтому эффективность использования сельхозугодий нуждается в повышении. Эксперты отмечают, что на фоне концентрации зернового производства в основных производственных районах и усиления ограничений по пахотным землям, модель «двух урожаев в год», применяемая Синьцзянским производственно-строительным корпусом, эффективно решает проблему увеличения зернопроизводства в засушливых районах Северного Китая.

Синьцзянский производственно-строительный корпус является важной зернопроизводящей базой Китая и регионом поставки высококачественной сельскохозяйственной продукции. В 2024 году Синьцзянский производственно-строительный корпус поставил цель создания «пахотных земель с урожаем 2 тонны». В Южном Синьцзяне (на юге Синьцзяна) было создано 16,5 тыс. му демонстрационных полей с моделью «двух урожаев в год», и уже в тот же год удалось достичь прорыва – среднегодовая урожайность составила полторы тонны с му. В этом году площадь, на которой в Южном Синьцзяне внедряется эта модель, уже достигла 182,6 тыс. му.

Технологическая интеграция является ключевым фактором для достижения цели «пахотных земель с урожаем 2 тонны». Исследовательская команда комплексно применила такие ключевые технологии, как сухой посев с увлажнением, уплотнённая посадка с укороченными сортами, безорная повторная посадка и точное внесение воды и удобрений, что позволило получить ранний и быстрый урожай пшеницы и полностью зрелую кукурузу, а также создать стандартизированную технологическую систему, пригодную для масштабного внедрения.

В Южном Синьцзяне насчитываются миллионы му озимой пшеницы. Широкое внедрение модели «двух урожаев в год» позволяет увеличить общий зерновой урожай региона без расширения площади пахотных земель. При этом повторный посев кукурузы помогает обеспечить кормами такую значимую отрасль, как животноводство.

**(Бинтуань жибао)**

# РАЗВЕДЕНИЕ МОРЕПРОДУКТОВ В СОЛОНЧАКОВОЙ ВОДЕ ПОМОГАЕТ ЭКОЛОГИИ И ПРИНОСИТ ДОХОД

***Посёлок Цзиньян города Арал в Синьцзяне расположен в верхнем течении реки Тарим; на его территории имеется 4300 му солончаковых водоёмов. За последние два года благодаря научно-техническим улучшениям солончаковые сточные воды, которые раньше никого не интересовали, были преобразованы в «морскую воду» для разведения морепродуктов. В ней выращивают белоногую креветку, кефаль и окунь. Таким образом, была найдена устойчиво развивающаяся модель, которая позволяет «бороться с засолением через рыбоводство и восстанавливать экологию».***

Вода, используемая для выращивания этих водных продуктов, в основном состоит из 30 миллионов кубических метров щелочной воды, ежегодно сбрасываемой с местных сельскохозяйственных угодий, с уровнем солености, как правило, около 8%. Раньше такая вода считалась отходами.

В последние годы посёлок Цзиньян постоянно изучает возможности использования солончаковой воды, активно добивается финансирования по программам помощи Синьцзяну, сотрудничает с профильными вузами и создаёт базы «производство–наука–исследования». Это позволило преодолеть технологические барьеры в разведении водных организмов в солончаковой воде и привлечь за счёт инвестиций 8 предприятий по аквакультуре.

В 2025 году было выпущено более 24 миллионов особей различных водных продуктов, включая белоногую креветку, зелёного краба и морского окуня. Ожидаемый годовой объём производства может достичь 300 тонн. По мере увеличения видов рыбы, разводимой искусственно, количество обитающих здесь лебедей, бакланов, цапель, желтоголовых уток и других птиц также постоянно растёт. Экологические функции водно-болотных угодий и их биоразнообразие постепенно восстанавливаются.

А использованная после выращивания рыбы солончаковая вода, в которой содержание соли снижается примерно до 5%, может далее использоваться для орошения пустынных растений в зоне комплексного экологического управления руслом реки Тарим. Это позволяет выстроить многоуровневую систему совместного управления, добиться двойного сокращения процессов опустынивания и засоления почв, а также обеспечить одновременное развитие экологии и экономики.

**(Китайская новостная служба)**



# СПСК ФОРМИРУЕТ ПРОЧНЫЙ ЭКОЛОГИЧЕСКИЙ ЗАЩИТНЫЙ БАРЬЕР ОТ ПУСТЫНЬ

***В лесном и луговом управлении Синьцзянского производственно-строительного корпуса усиливают межрегиональную совместную профилактику и совместный контроль для успешной реализации ключевых задач проекта «Трёх северных зон», проведения оборонительных работ вдоль коридора Хэси и пустыни Такла-Макан, чтобы ещё надёжнее укрепить экологический защитный барьер приграничных территорий.***

С продвижением реализации шестого этапа проекта «Трёх северных зон» (2021–2030 гг.) в Синьцзян-Уйгурском автономном районе СПСК получает значительную поддержку со стороны государства и Синьцзян-Уйгурского автономного района в части политики, проектов и финансирования. В общей сложности было реализовано 39 строительных проектов шестого этапа «Трёх северных зон», а полученное централизованное финансирование составило 2,778 млрд юаней. В этом году СПСК реализовал 14 строительных проектов шестого этапа «Трёх северных зон», запросив финансирование от центрального правительства в размере 455 млн юаней, что на 43% больше по сравнению с 2024 годом.

СПСК комплексно продвигает системное управление территориями вокруг пустынь Такла-Макан и Гурбантунгут. В этом году удалось привлечь 206 млн юаней инвестиций из центрального бюджета для реализации новых проектов в подразделениях и городах Северного Синьцзяна, расположенных вокруг пустыни Гурбантунгут. Это обеспечивает полное покрытие финансированием центрального бюджета подразделений и городов как Южного, так и Северного Синьцзяна, а также всех действующих и продолжающихся проектов.

В ходе проведения оборонительных работ вдоль коридора Хэси и пустыни Такла-Макан Синьцзянский производственно-строительный корпус совместно с Синьцзян-Уйгурским автономным районом активно продвигает работу по принципу «создать образцовые объекты, установить эталоны, формировать образцовые проекты». Успешно реализованы 5 проектов и сформирована первоначальная модель строительства, пригодная для изучения, тиражирования и широкого внедрения.

В соответствии с плановыми задачами СПСК в период с 2024 по 2030 годы планирует добавить 8,6121 миллиона му площадей для строительства объектов по борьбе с опустыниванием и закреплению песков.

В соответствии с принципом «сначала выполнить, затем компенсировать; выполнить качественно, затем компенсировать» СПСК выделил целевые средства для выполнения новых задач. На данный момент уже перечислено 30 миллионов юаней, которые направлены главным образом на строительство проектов по укреплению песков, биологическому закреплению песков и паводковому орошению на южной окраине пустыни Такла-Макан.

**(Бинтуань жибао. Фото WWW)**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№99 (3756)
2025-жылдын 16-декабры


Мигранттардын орду

***Москва шаарынын мэри Сергей Собянин Орусиянын борборунда сабатсыз, тил билбеген, квалификациясы төмөн мигранттар жайнап кетти деген айрым жергиликтүү тургундардын наразычылыгын катуу сынга алып, жооп кайтарды. Калаа башчысы декабрдын башында журналисттерге, массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө берген пресс-конференцияда мигранттардын шаардагы ордунун маанилүүлүгүн, ошондой эле келгиндер арасында кылмыш жасагандар азайганын билдирген.***



# СОБЯНИНДИН КӨЗ КАРАШЫ КООМДУК ПИКИРДИ ӨЗГӨРТӨБҮ?

Орусияда соңку мезгилде мигранттарга каршы маанай күчөп, улам бир мыйзам кабыл алынып келе жаткандыгы белгилүү. Мэрдин билдирүүсү коомчулукта ар кандай пикир жаратты. Анткени, ал москвалыктардын жашоосунда мигранттардын ордунун чоң экендигин, алардын көпчүлүгүнүн аткарган жумуштарынын маанилүүлүгүн, ансыз шаар жашоосунун ырааттуулугу мүмкүн эместигин белгилеген.

Сергей Собяниндин айтымында, мигранттар Москвадагы бир катар тармактарда иштешет. Булардын арасында жол тазалоо, коомдук жайлардын санитариясы, курулуштардын оңдоп-түзөлүшү, курьерлик, соода-сатык, ар кандай кызмат көрсөтүүлөр бар. Ал "Мигранттар болбосо, көчөлөрдү ким шыпырат?" деп бул жумуштардын шаар тургундары үчүн күнүмдүк жашоодо абдан маанилүү экендигин айткан.

Москва эбегейсиз чоң шаар жана анын инфраструктурасы абдан чоң кызмат көрсөтүүнү талап кылат. Шаарды таза кармоо үчүн жогорку сапаттагы кызматтарды көрсөтүү зарыл. Мигранттар бул тармакта негизги жумушчу күчүн түзүшөт. Мигранттарсыз бул иштердин көбүн аткаруу өтө кыйын болору, алардын көпчүлүгү төмөнкү, оор, кара жумуштарды аткарышарын, ошону менен катар Москванын экономикасындагы мигранттардын салымы абдан зор. Алардын иштеп турганы шаарга пайда гана алып келет, анткени шаар ичиндеги күнүмдүк жана зарыл тейлөөнү мигранттарсыз жасоо мүмкүн эместигин жар салган.

Мэр Орусиянын борборундагы эмгек мигранттарынын саны көбөйдү деген божомолдор чындыкка коошпогонун, 2018-жылдан бери эмгек мигранттарынын саны такыр өзгөрбөгөнүн, ошол эле бойдон калганын билдирген. Миграциялык борбордун ишин жогору баалап, бул маалыматтар боюнча "жакшы статистика" 2018-жылдан бери түзүлүп келе жатканын белгиледи. Москва мэри эмгек мигранттарынын санынын азайышы коронавирустук пандемия маалында гана катталганын, бирок андан бери кайрадан калыбына келтирүү байкалганын кошумчалаган. Анын Москвадагы жумушчу күчүнүн тартыштыгы тууралуу билдирүүсү жана транспорттук маселелер тууралуу айткан сөздөрү дагы кызыктуу.

Москвада 500 миң жумушчу колунун жетишсиздиги тууралуу айтып, буларга токтолгон: "Бүгүнкү күндө Москвада адистердин жетишсиздиги болжол менен жарым миллионго жетти. Эгерде сурасаңыздар, кайсы тармакта жетишпейт деп, мен айта алам, бардык тармактарда кадрлардын жетишпестиги бар".

С.Собянин электросамокаттарга тыюу салуу жөнүндө ойлору жок экенин: "80% москвалыктар курьер кызматтарын колдонушат, башкача айтканда, бул биздин турмушубуздун бир бөлүгү". Бул сан кайдан алынганы жөнүндө калаа башчы эч кандай түшүндүрмө берген жок.

Мэрдин билдирүүсүндө коомдук пикирдин маанилүүлүгү да каралган. Москвада мигранттардын саны көп болгонуна карабай, алардын социалдык интеграциясы жана шарттары менен байланышкан көйгөйлөр дагы арбын. Бул алардын шаар тургундары менен тыгыз байланышта болуп, мыйзамга ылайык иштеши керектигин, бул үчүн шаардык бийлик мындай маселени да тыкыр көзөмөлдөп жатканын айткан.

Калаа башчысы ошондой эле Ички иштер министрлигинин статистикасына таянып, келгиндер арасында кылмыш жасагандар азайганын, кылмыштардын бетин ачуу жогорулаганын кошумчалаган:

“Карактоо, киши өлтүрүү, уурулук кылуу өңдүү оор кылмыштар эселеп кыскарды. Карактоо 7,5, адам өлтүрүү 2 эсе азайды. Мигрант жасаган кылмыш деген эмне? Адегенде кылмыштын бетин ачып, далилдеп, андан кийин гана ал орусиялык же мигрант жасады деп айтканга болот. Москванын аянты да, жашоочулардын саны да көбөйгөнү менен адамдарга каршы коркунучтуу кылмыштар азайды” деп кылмыштуулуктун жалпы деңгээли төмөндөгөнүн статистика менен далилдеп берген.

Мигранттар үчүн коомдук тартипти сактоо жана мыйзамдарды бузбоо боюнча жигердүү иш алып баруу талабын, бул алардын коопсуздугун жана укуктарын коргоо үчүн маанилүүлүгүн билдирген.

Муну менен катар С.Собянин ушунча көп кишинин Москвага келип жатканы өзгөчө көзөмөлдү, тартип орнотууну талап кыларына басым жасады. Буга байланыштуу мигранттар чек арада манжа изин тапшырганын, аларды сүрөткө тартып, биометрикалык маалыматтары алынганын эске салды. Анын айтымында жаңы система өз жемишин берип жатат.

Мигранттарга карата көз караштын өзгөртүлүшү керектиги жөнүндө дагы сөз болуп, аларга жакшы шарттарды түзүү керек экендиги белгиленген.

Өз сөзүн жыйынтыктап жатып, мэр москвичтерге "көбүрөөк оптимизм, эртеңки күнгө ишеним менен кароону" каалады.

С.Собяниндин мигранттар тууралуу оң ойлору жана билдирүүлөрү мигранттарга карата коомдук көз караштын оң жагына өзгөрүшүнө таасир этет. Коомдун кабыл алуусун арттырып, социалдык интеграциясына түрткү бериши ыктымал. Мигранттар үчүн мындай сөздөр алардын укуктарын жана аброюн жогорулатууга, ошондой эле коомдо өздөрүн таанууга мүмкүнчүлүк берет. Ал эми бул тереңирээк саясатта миграцияны туура башкарууну, анын ичинде коопсуздук, жумуш шарттары жана социалдык көйгөйлөрдү жөнгө салууну камсыз кылууга, өз кезегинде, мигранттар үчүн мамлекеттик тилде (орус тилинде) билим алууга, маданий интеграцияга карата чараларды күчөтүү боюнча кадамдар көрүлүшүнө жол ачат. Мигранттар үчүн жашоо жана иштөө шарттарын жеңилдетет, жумушту да оңой таап алууга жардам берет. Бул өз кезегинде мигранттардын мыйзамдуу иш алып баруусун жана социалдык кызматтарга мүмкүнчүлүгүн жакшыртат.

Собяниндин билдирүүлөрү оң таасир калтырып, жалпы коомчулуктун жана мигранттардын ортосундагы ачык диалогго алып келиши мүмкүн деген ойдобуз.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

АЙМАКТАРДА

## КАРА-СУУДА ФЕРМЕРЛЕР ҮЧҮН БОРБОР АЧЫЛДЫ




Түштүк аймактын дыйкан-фермерлери үчүн Кара-Суу районунун Большевик айылында министрликтин аймактык өкүлчүлүгү жана “Фермерлерди тейлөө борбору” ачылды. Бул тууралуу Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинен билдиришти.

Ведомстводон белгилешкендей, эми дыйкан-фермерлерге мамлекеттик кызматтар жеринде көрсөтүлүп, агрардык маселелер “Бир терезе” принциби аркылуу ыкчам чечилет. Анын натыйжасында дыйкан-фермер убакыт үнөмдөп, чыгымын азайтып, тез кызмат ала алат.

Жаңы имаратта министрликтин бардык ведомстволук түзүмдөрүнүн кызматкерлери иштейт.

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - министр Бакыт Төрөбаев түштүк өкүлчүлүк жана “Фермерлерди тейлөө борбору” аркылуу дыйкан-фермерлер агротехнология, суу пайдалануу, кайра иштетүү, субсидиялар, программалар жана башка көйгөйлүү маселелер боюнча бир жерден кеңеш алып, чечим таба алышарын белгиледи.

## КАРДЫ ЖИРЕГЕН ОКУУЧУ

Калың карды жиреп, кыйынчылыкка карабай мектепке бара жаткан 4-класстын окуучусу Президенттик балатыга чакырылганын Президенттин Администрациясынын маалыматтык саясат кызматынын жетекчиси Дайырбек Орунбеков билдирди. Анын айтымында, Президент Садыр Жапаров билимге умтулган, аракетчил жаштарды көргөндө өзгөчө кубанып, аларды мамлекетибиздин жаркын келечеги деп эсептейт. “Социалдык тармактарда 1 метрге жакын жааган карды жиреп, кыйынчылыкка карабай мектепке барган 4-класстын окуучусунун видеосун баарыбыз эле көрдүк окшойт. Бул видеону Садыр Жапаров өзү да көрүп, оор шартка карабай билим алууга болгон умтулуусун көрсөткөн кичинекей баланын аракетине абдан ыраазы болду. Президентибиз мындай өжөр жана шыктуу балдар өзгөчө колдоого татыктуу экенин белгилеп, аны Президенттик балатыга чакыргыла деп тапшырма берди. Мындан тышкары, билимге умтулган окуучуга Мамлекет Башчысынын атынан белек даярдалууда” деди. Нурзаман Алмазбеков Кара-Кулжа районунун Коо-Чаты айылындагы "Айдың-Көл" башталгыч мектебинин 4-классынын окуучусу.



## ПСИХОНЕВРОЛОГИЯЛЫК МЕКЕМЕНИН ЖАҢЫ ИМАРАТЫ

Токмок шаарындагы №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемenin жаңы имараты ачылды.

Президенттин Чүй облусундагы өкүлчүлүгүнөн билдиришкендей, имарат толук оңдолуп, үзгүлтүксүз камкордукка муктаж бейтаптардын жайлуу жана коопсуз болушу үчүн зарыл шарттар түзүлдү.

Салтанатка Президенттин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Азамат Осмонов жана Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Канат Сагынбаев катышты. Президенттин өкүлү, бейтаптар үчүн ыңгайлуу жана тиешелүү шарттарды түзүү мамлекеттин артыкчылыктуу багыты экенин белгиледи. Андан тышкары А. Осмонов мекеменин эски имаратын көрүп чыгып, капиталдык оңдоо долбоорун даярдоону тапшырды.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК БАЛАТЫНЫН ОТУ ЖАНДЫ

Ош шаарынын борбордук аянтындагы жаңы жылдык башкы балатынын оту салтанаттуу жандырылды.

Муниципалитеттен билдиришкендей, балатынын бийиктиги 30 метрди түзүп, өзгөчө дизайнда жасалгаланды. Быйыл Ош шаары жаңы жыл майрамын “Түндүк жарыгы” (Северное сияние) жарманкеси менен тосуп алат. Борбордук аянт жомоктогудай кооздолуп, шаар тургундары жана коноктору үчүн кооз фотолокациялар, даамдуу тамак-аштар жана эс алуучу жайлар уюштурулду.

**«Эркин-Тоо» пресс**

Майда, бирок маанилүү

## 18 МИҢ ТОННАГА ЖАКЫН ДАЯР КӨМҮР БАР

Бүгүнкү күндө “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасынын социалдык көмүр кампаларында 18 миң тоннага жакын даяр көмүр бар экенин “Кыргызкөмүр” мамлекеттик ишканасы билдирди. Атап айтсак, Бишкектеги социалдык кампада 1 миң 200 тонна, Чүй облусунда 5 миң 800 тонна, Ысык-Көл облусунда 4 миң тоннага жакын, Нарын облусунда 5,5 миң тонна көмүр бар. Калган облустар боюнча да социалдык баракчадан маалымат алса болот. Кампалардын даректерин, кайсы кампада канча көмүр бар экендигин кардарлар “Кыргызкөмүрдүн” социалдык баракчасынан, анда көрсөтүлгөн байланыш номерлер аркылуу билсе болот.

## КҮБӨЛҮГҮН АЛМАШТЫРУУНУ КААЛАГАНДАР

Президенттин Иш башкармалыгына караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик борбордун айдоочулук курамды каттоо бөлүмүнүн башчысы Адилет Сейталиев акыркы убакта документти онлайн алмаштыргысы келгендер көбөйүп жатканын билдирди. Мисалы, аз убакыттын ичинде 11 208 адам айдоочулук күбөлүгүн алмаштыруу өтүнүчү менен кайрылган. “Айдоочулук күбөлүктү "Түндүк" мобилдик тиркемеси аркылуу онлайн алмаштыруу кызматы 17-ноябрдан тарта жеткиликтүү болду. Айдын аягына чейин, тактап айтканда, эки жумада 2709 онлайн-кайрылуу түштү. Ал эми 8499 адам оффлайн кайрылды" деди Сейталиев.

**З.САПАНОВ, Ж.КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ЧЕЧКИНДҮҮ КАДАМ




# КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КЕЗЕКТЕГИ ЭТАБЫ БАШТАЛАТ

***Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия программа иштеп чыгып, кыргыз тилин өнүктүрүүнүн кезектеги этабын баштоо алдында турат. Башкача айтканда, 2026–2028-жылдарга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасынын долбоору даярдалып, документ коомдук талкуугa чыгарылды.***
***Буга чейин өлкөдө 2021–2025-жылдарга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы иштеген. Төрт жыл аралыгында "Мамлекеттик тил жөнүндө" Конституциялык мыйзам кабыл алынган. Улуттук комиссиянын маалыматы боюнча, мамлекеттик органдарда кыргыз тилиндеги документ жүгүртүүнүн деңгээли 60%дан 79 %га чейин өскөн. Бул азырынча эң чоң жетишкендик катары саналууда. Санариптештирүүнүн алкагында тил үйрөнүү үчүн электрондук платформалар жана мобилдик тиркемелер түзүлүп, ишке кирди. Бирок, жетишилген ийгиликтерге карабастан, бир катар көйгөйлөр чечилбей келүүдө. Алсак, кыргыз тилин өнүктүрүүдөгү негизги маселелер сөздүктөрдүн, терминологиялык маалымат базаларынын, санариптик куралдардын жоктугу болууда. Тилди окутуу багыты да кыйынчылыктарга туш болууда. Мектептерде кыргыз тили дагы деле эски ыкмалар менен окутулуп, мугалимдердин жетишсиздиги бар. Андан тышкары окуучулардын шыктануусу төмөн бойдон калууда. Жогорку сапаттагы контент, айрыкча илимий жана техникалык контент башка тилде болуп, кыргызчасы жетишсиз. Эксперттердин айтымында мамлекеттик тилдеги медиа рыногу да алсыз жана туруксуз бойдон калууда.***
***Улуттук комиссия дал ушул маселелерге көңүл буруп, программанын үстүндө 2025-жылдын август айынан тарта иштей баштаган. Ишке мамлекеттик органдардын, муниципалитеттердин, илимий коомчулуктун, ишкерлердин, коомдук уюмдардын өкүлдөрү жана эксперттер катышкан.***
***Биз кыргыз тилин өнүктүрүүдө кабыл алынып жаткан программа боюнча сунуштарды кабыл алууга жооптуу адис Мунарбек уулу Болотко кайрылып бир нече суроо узаттык.***

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын укуктук жана административдик камсыздоо бөлүмүнүн башкы адиси **Мунарбек уулу Болот:**

## “КЫРГЫЗ ТИЛИН КОЛДОНУУ АКТИВДҮҮЛҮГҮ БОЮНЧА БЕШ МЕКЕМЕ АЛДЫДА”



**– Болот мырза, сиз кыргыз тилин өнүктүрүүгө багыттылган программанын долбоору боюнча келип түшкөн сунуштарды кабыл алууга жооптуу адис экенсиз. Биздин окурмандарга программанын артыкчылыктары тууралуу айтып бересизби?**

– Туура белгиледиңиз. Ушул күндөрдө 2026–2028-жылдарга карата мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасынын долбоору даярдалып, коомдук талкуу жүрүп жатат. Келип түшкөн сунуштарды кабыл алуу жүрүүдө. Сунуштар кабыл алынган соң анын акыркы варианты Президенттик администрацияга жөнөтүлөт. Кезектеги программада үч артыкчылык белгиленген. Биринчи мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин активдүүлүгүн илгерилетүү, экинчи артыкчылык билим берүү жана илим чөйрөсүндө тилди өнүктүрүү жана коомдук маданий жана медиа чөйрөсүндөгү позициясын бекемдөө.

**– Мамлекеттик органдарда тилдин активдүүлүгүн көтөрүүдө кандай пландар каралган? Дегеле азыр министрлик, мекемелерде кыргыз тилин билүү, тилди иш кагаздарында колдонуу кандай деңгээлде? Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия мурда мониторинг жүргүзүп, жыйынтыгын чыгарып турчу эле?**

– Азыр да мониторинг тынымсыз жүргүзүлүп турат. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүп, тилди активдүү колдонуп жаткан ведомстволордун арасынан Ички иштер, Каржы министрлиги, салык, кадр кызматы жана Маданият министрлиги алдыда.

**– Кайсы мекеме “эң начар” деген баага татыды?**

– Мен жогоруда айткан ведомстволор башкалардан салыштырмалуу алдыда. Негизи азыр мурдагыдан кыргыз тилин колдонуу активдүүлүгү көтөрүлүп калды. Эгер кезектеги программа кабыл алынса, дагы да жылыштар болот. Биздин негизги максатыбыз–мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин арасында кыргыз тилин билүү деңгээлин жогорулатуу болууда. Андыктан алар үчүн тездетилген окутуу программалары, аралыктан окутуу курстары жана методикалык материалдар түзүлөт жана жылдык мониторинг киргизилет. Өз алдынча окуу үчүн бирдиктүү санариптик платформа түзүлөт. "Кыргызча оңой" мобилдик тиркемеси жаңыртылып, жасалма интеллект жардамчысы кыргыз тилиндеги документтердин сапатын текшерет. Мамлекеттик башкарууда бирдиктүү кеңсе ишинин стандарттарын киргизүү жана расмий иш стили боюнча маалымат ресурсун түзүү пландаштырылууда. Тил саясатын уюштуруу жана анын ишке ашырылышын көзөмөлдөө үчүн ведомстволор аралык механизм да түзүлөт. Билим берүү тармагында методологиялар жана окуу материалдары жаңыртылып, бала бакчадагы билим берүү жакшыртылып, мугалимдердин квалификациясы жогорулатылат. Жыл сайын 500гө чейин кыргыз тили мугалими кошумча билим берүү курстарынан өтө алат. Колледждер жана лицейлер үчүн кесиптик тил курстарын түзүү, ошондой эле 1-12-класстар үчүн жаңы окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу пландаштырылууда. Орфографиялык, түшүндүрмө жана тармактык сөздүктөр жаңыртылып, кыргызча Википедияны өнүктүрүү улантылат. Географиялык аталыштарды инвентаризациялоого өзүнчө бөлүм арналган.

**– Демек топонимдердин үстүндө иштейт экенсиздер да ээ?**

– Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиги программанын алкагында 2 жыл аралыгында республика боюнча топонимдерди такташат. Ишти атайын түзүлгөн жумушчу топ жүргүзөт. Алардын иш жыйынтыктары боюнча тарыхый топонимдер калыбына келтирилет, андан кийин картографиялык жана административдик маалыматтар жаңыртылып турат. Маданият жана медиа чөйрөсүндө көп иштер аткарылат.

**– Программанын аткарылышын көзөмөлдөө функциясы кимге берилет же көзөмөлдөнбөйбү?**

– Багыты боюнча ар мекемеге жүктөлөт. Мисалы, топонимдер боюнча Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттиги аткаруучу болсо, биздин комиссия кошумча аткаруучу болуп иш алып барат. Билим берүү боюнча Агартуу министрлиги баш болгон ведомстволор иштешет. Ал эми көзөмөлдөө жагынан тизгин Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясында болот.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНА ДАЯРДЫК



Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын Эл аралык катчылыгынын жетекчиси **Нурсултан АДЕНОВ:**

## “Көчмөн элдеринин маданияты даңазаланат”

***2026-жылы сентябрда Кыргызстанда VI Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндары өтөт. Бул жылы оюндардын ачылышы ШКУнун саммити менен бир убакта болору пландалып жатат. Иш-чарага 90дон ашуун мамлекеттен спортчулар чакырылып, көчмөндөрдүн спортун, маданиятын даңазалашат. Мындан тышкары көчмөндөр дүйнөсүнө байланышкан илимий иш-чаралар да камтылат. Биз төмөндө Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын (ДКО) Эл аралык катчылыгынын жетекчисинен ири иш-чарага мамлекеттин даярдыгы тууралуу айрым суроолорубузга жооп алдык.***

**– Нурсултан мырза, буга чейин Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын (ДКО) Эл аралык катчылыгы ар бир оюндардын алдында убактылуу түзүлчү. Жакындан тарта туруктуу иштей турган катчылык түзүлдү, катчылыкты каржылоо жагы кандай чечилген?**

– ДКО 2026 оюндарын уюштуруу комитетинин чечими менен мындан ары Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын эл аралык катчылыгы туруктуу иш алып бара турган өз алдынча орган болуп түзүлдү. Катчылык мамлекеттик бюджеттен каржыланбайт. Бардык чыгымдар демөөрчүлөр, биз кызматташкан тараптар аркылуу болот.

**– Ал эми VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына даярдыктар кайсы баскычта?**

– VI Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндары – өлкөбүздүн жүзү. Алгачкы даярдыктар өз тартибинде жүрүүдө. Ушу тапта жарнамалык видеолорду тартуу процесстери жүрүп жатат. Ал эми Тышкы иштер министрлиги менен 90го жакын мамлекеттерге чакыруулар жиберилди. Бүгүнкү күнгө 40тан ашуун өлкөдөн VI Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарына болжолдуу катышуу ниеттерин билдирген жоопторду алып жатабыз.

**– Бул ирет өтүүчү Көчмөндөр оюндарында кандай өзгөчөлүктөргө басым жасалат? Иш-чаранын ачылышы кайсы жерде өтөт?**

– Оюндар 2026-жылдын 31-августунан-6-сентябрына чейин болот. Ачылыш аземи 31-августта Бишкекте өтөт. Көчмөндөр оюндарынын ачылышы эл аралык стандарттар менен курулуп жаткан ири Бишкек Арена стадионунда өтөөрү күтүлүүдө. Оюндардын калган бөлүктөрү Ысык-Көл, Чолпон-Ата, Кырчын жайлоосунда уланат. Спорттун 43 түрү боюнча мелдештер болот. “Көчмөндөр ааламы” фестивалы, этноШаарчаны куруу иштери аймактар менен биргеликте уюштурулат. VI Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын долбоору 3 негизги багытты камтыйт. Көчмөн элдердин спортуна, маданиятына жана илимий иштерге орун берилет. Иш-чарага аккредитация 1-майдан 1-июлга чейин болот. Атайын портал бар, ал жерде бардык маалыматтар жазылган.

**– Иш-чаранын концепциясы иштелип бүттүбү? Башкы режиссёрлук команда тандалдыбы?**

– Дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарын мыкты деңгээлде өткөрүү үчүн эл аралык деңгээлдеги компаниялар, режиссёрлор менен бирге иштер алып барылат. Аны менен катар ушу тапта өлкөбүздүн маданий ишмерлери, кыргыз режиссёрлору, аймактардагы театр ишмерлери эскиздик долбоорду даярдашууда. Иш-чаранын костюмдары, декорациялар да иштелип чыгууда.

**– Спорттук мелдештерге жаңы оюндар кошулабы?**

– Ооба, жаңы спорттук оюндар кошулат. Тажик калкынын күрөшү кошулду. Буряттардын сөөк сындыруусу камтылды. 300 чакырым узак жерге чаап бара турган ат чабыш кошулду. Ал эми буга чейин талкуу жаратып келген көк бөрү, казактардын көкпары боюнча маселелер чечилди. Эки тарап тең бир чечимге келип спортчулар көк бөрү, көкпарда ойношо турган болушту. Спортчулар эки оюнга тең даярдыктарын көрө беришет. Көчмөн цивилизациясы тарыхтын бай жана дүйнөгө таасир берген маданияттарынын бири. Көчмөндөрдүн өзүнө тиешелүү жашоо образы, маданияты, медицинасы болгон. Алар жаратылышка аяр мамилени калыптандырган десек болот. Жаңы ойлоп табууларга да маани беришкен. Жалпысынан алганда дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында дал ушул жашоо образдар кеңири көрсөтүлөт. Нечен кылымды артка калтырган көчмөн элдеринин маданияты даңазаланат.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

УЛУТТУК АДАБИЯТ



# ӨЛГӨНБҮ же ӨЛТҮРҮЛГӨНБҮ?!..

**Кыргызстанда 12-декабрда Улуттук адабият күнү белгиленди. Анткени бул күн кыргыздын эки залкары – улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнү жана улуу акын Алыкул Осмоновдун көзү өткөн күнү менен байланышкан. Улуу инсандардын Улуттук адабият менен маданиятка жасаган эмгектери эбегейсиз.**

***Урматтуу окурман! Мага Чыңгыз Айтматовдун жарык көргөн чыгармаларынын кол жазмалары менен таанышуу тагдыры буйруптур. Тээ, 90-жылдары эле «Цена Бога», «Смерть у Стены плача» деген кол жазмаларын өз көзүм менен окуп, алардын айрым үзүндүлөрүнөн кийин таштап койгон жерден алып, өз архивимде азыркыга чейин сактап келе жатам. Ал эми «Флейта и земля», «Золото и снег» чыгармаларын 2013-жылдын 7-июлунда эле окугам. 2006-жылы Чыңгыз Айтматов «Золото и снег» аңгемесинин сюжетин айтып берген болчу. Эки кол жазма чыгарма тууралуу 2013-жылдан бери жазып келе жатам. Макалаларым газеталарда көлөмдүү болуп жарыкка чыккан.***

Бүгүн Ч.Айтматовдун 12 томдук чыгармалар жыйнагын түзүп отуруп, жазуучунун дагы бир чыгармасынын кол жазмасына туш болдум. «Свидание с убитым сыном» деп аталат экен.

Ошентип Чыңгыз Айтматовдун «Свидание с убитым сыном» деген кол жазмасы менен таанышып калдым. Бул жолу тактап айтканда, 2023-жылы жазуучунун уулу Эльдарга кайрылып, 2013-жылы жазуучунун үйүнөн көргөн кол жазмалардагы чыгармаларды окурмандарга жеткирүүнү сунуштадым. Анын себептеринин бири – Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдык маарекесине коомчулукка анын жарыяланбаган чыгармаларын тартуулоо маселеси эле. Ошол 2013-жылдын 7-июнунда Мария Урматованын уруксаты менен таанышкан «Флейта и земля» кол жазмасы тууралуу көп узабай көлөмдүү макала жазгам. Бирок, андан бери он жыл өтсө да ал чыгарма эми окурмандардын колуна «Свидание с убитым сыном» деген кол жазма чыгармасы менен бирге жеткени турат.

«Свидание с убитым сыном» кол жазмасы «Свидание с сыном» деген аңгеменин уландысы экен, тагыраак айтканда, повесттин экинчи бөлүгү. Бирок, окурмандарга биринчи бөлүгү аңгеме катары жеткен. А чындыгында чыгарманын кол жазмасында жанры «повесть» деп белгиленген, эки бөлүк бир чыгарманын бүтүндүгүн айгинелеп турат. Анда эмне үчүн жазуучу чыгарманын бир бөлүгүн гана жарыкка чыгарып койгон деген мыйзам ченемдүү суроо жаралат?!... Анан калса чыгарма эң алгач англис жана француз тилдеринде 1964-жылы жарыяланып, анан барып 1970-жылы гана орус тилинде, 2018-жылы гана кыргыз тилинде жарык көрүптүр. Эмне себеп бар?! Кызыктуу факт – чыгарма 1964-жылы 19-январда Алма-Ата шаарында жазылып бүтүптүр. Башкасын айтпасак деле «Свидание с сыном» аңгемеси орус тилинде чет тилдерден кийин кечигип чыгып жатышынын себеби эмнеде?! Эмне үчүн кол жазма чет тилдерде биринчи чыгып жатат?! Ошол кезде СССРдин эң жогорку сыйлыктары – Лениндик сыйлыктын жана Мамлекеттик эки жолку (ошол мезгилде) сыйлыгынын лауреатына орус тилинде кол жазманын чыгышына тоскоол болушуна эч кандай күч жок эле го?! Чыңгыз Айтматовдун даңкы таш жарып турган ал учурда кимдин колу чыгарманын экинчи бөлүгүн чийип салат?! Эгер чыгарманын цензурадан өтпөгөн бөлүгү чет тилдерде чыгып кетсе, Чыңгыз Айтматов идеологиялык, моралдык жактан чоң сокку алмак. Чет тилдерге жарык көргөн бөлүгү кайсы? Биринчиби же экинчиби?!... Жазуучу бир бүтүн чыгарманы экиге бөлүүгө өзү макул болдубу, же цензура кийлигиштиби?! Мына ушундай толгон-токой суроолордон кийин, кол жазманы окуп чыккандан кийин жоопторду издөөгө туура келди...

«Свидание с сыном» жана «Свидание с убитым сыном». Чыгарманын аталыштарын бир гана сөз айырмалап турат. Бирок, мына ушул «убитым» деген сөз чыгарманын идеялык-тематикалык структурасын, образдар системасын жана коомдук аң-сезимдин алабалына карата жазуучулук гана окурмандык мамилени түп тамырынан бери өзгөртүп жиберип отурат. «Свидание с сыном» аңгемесинде конфликт жок, ал чыгарманын башталышы, чиелениши гана. Кульминациялык чоку, конфликт экинчи бөлүгүндө.

Ата Мекендик согуш жөнүндө миңдеген чыгармалар жазылды, кинолор тартылды, спектаклдер коюлду. Бардык искусствонун түрлөрүндө ар-намыс менен Мекенди коргогон жоокерлер даңкталды. А бирок, ошол Ата Мекендик согуштагы айрым кырдаалдар, адам фактору роль ойногон трагедиялык кырдаалдар чыгармаларда чагылдырылбай, көбүнчө көз жаздымда кала берди. Аны чагылдыруу үчүн да эрдик керек болчу. Айтматов дал ошол эрдикке батынып, «Бетме-бет» повестинде баш каарман катары дезертирди сүрөттөсө, «Свидание с убитым сыном» повестинде фронттогу башаламандыкты, советтик армиядагы татыксыз командирлерди, «бөрк ал десе баш алган» көрүнүштөрдү элестүү, көркөм сүрөттөдү. Бул чынында да эрдик болчу! Бирок, ошол эрдик чыгарма чыкпай калып жатпайбы?! Себеби эмнеде?! Көрсө, чыгарма жазылып жаткан учур менен чыгарма жазылып бүткөн мезгил бири-бирине дал келбей калган окшойт. Тагыраак айтканда, СССРдеги саясий-маданий кырдаал таасир этсе керек.

Н.С.Хрущев бийликке келгенден кийин маданият, искусство чөйрөсүндө «оттепель» – «жазгы баар» деген көрүнүш келип, идеологиялык кысым мурдагыдай муунтпай, акын-жазуучулар, сынчылар, драматургдар, сүрөтчүлөр эркин ой жүгүртүп, айтайын деген ойлорун ачык айтышып калышкан. Ал мезгилде Твардовский, Солженицын, Евтушенко, Ахмедулина, Рождественский, Белов ж.б. таланттарын көрсөтүшкөн. Алардын арасында, албетте, Айтматов да бар эле. Бирок, Москвадагы сүрөт көргөзмөсүнөн кийин Н.С.Хрущев искусство ишмерлерин абстракция үчүн чоң сынга алгандан кийин «жазгы баар» жабылып калган болчу. Н.С.Хрущев өзү «жазгы баарды» ачып, кайра жаап салган эле. Демек, Айтматовдун согуштагы, советтик армиядагы тескери көрүнүштү чагылдырган чыгармасы заманга, бийликке үндөш болбой калганы толук ыктымал.

Мындан ары «Свидание с сыном» менен «Свидание с убитым сыном» эки чыгармасын бөлбөй, бирдиктүү карап «повесть» деп атообуз керек. Чыгарма Чодрон карыянын Ата Мекендик согушта курман болгон Султан деген жалгыз уулуна болгон сагынычы, кусасы, уулунун арбагы алдында өзүнүн ыйык парзындай сезип, ал иштеген айылга баруу жөнүндөгү ой толгоосу менен башталат. Согуш бүткөнүнө жыйырма жыл... Бирок, анын кайгысы Чодрон аксакалдын жүрөгүнө айыккыс так салган. Уулу кайтып келбесин аң-сезимдүү сезип, билип турса да жол тартат.

«– Отец, наконец-то, ты приехал! – подойдет к нему.

– Приехал, родной мой. Здравствуй. Ты все такой же. А я постарел, как видишь.

– Да нет, отец, не так уж ты стар. Просто время прошло много. Почему так долго не приезжал? Сколько лет прошло, двадцать, а то и больше. Или ты не скучал обо мне?

– Как же не скучал! Всю жизнь тоскую. Ты прости, что так долго заставил тебя ждать. Все не мог собраться. Сам знаешь, мать умерла, ее хоронил. Ты, наверно, встретил ее. После того, как ты погиб на войне, она слегла и больше не поднималась. А теперь вот приехал почтить память твою. Приехал поклониться людям, среди которых ты жил. Хочу поклониться этой земле, этим горам, воздуху, которым ты дышал, воде, которую ты пил. Вот и свиделись, сын мой. Что же ты смотришь, веди, показывай мне школу свою, покажи аил, ты так много рассказывал о нем...».

Жазуучу баш каармандын ой толгоосу аркылуу адам баласынын жарык дүйнөгө келишинин озуйпасы, жоопкерчилиги жөнүндө сөз чубап, аны ата менен баланын, согуш менен тынчтыктын, өмүр менен өлүмдүн, адам менен жаратылыштын, коом менен жеке адамдын мамиле, катышында көрсөтүүгө аракет кылат. Чодрон карыянын ой толгоосу – адам жашоосунун философиясы: «Будь человеком, сын мой! Где бы ты не был, будь человеком, всегда оставайся человеком!»; «Да, должен он поехать к этому человеку. Если помер, поклониться его праху, если жив, пожать ему руку, поблагодарить за заботы о сыне»; «Человеку не надо мешать, поучать его докучливо, и он сам найдет свой путь».

Уулунун жаркын элесин өмүрүнө эш тутуп жашайт карыя. Уулу жөнүндөгү эскерүүлөр карыянын жашоосунун маңызы. Бирөөлөр уулдары тууралуу сөз кылышканда жүрөгү сайышат, келечеги кең, бактылуу-таалайлуу болор эле деп кыялданат. Баарына согуш күнөөлүү... Согушка Султан өз ыктыяры менен аттанганда Чодрондун алып калууга моралдык укугу бар болчу, анткени уулунун армияга барууга жашы жете элек эле. Экинчиден, кыздары Зейнеш менен Саликанын атасына жалдырашып, жалынып, кайрылганына кайдыгер болуп туруп алганычы:

«– Иди же, отец, что смотришь! Дорога каждая минута!

Чодрону стало стыдно людей, хотя на них никто и не обращал внимания. И военные и гражданские озабоченно бегали занятые своими делами.

– Нет, не пойду, не привык я так, не пойду! – наотрез отказался Чодрон.

– Нет, пойдешь!

– А не пойдешь, мы сами пойдем!

– Мы сами добьемся! – и потеряв всякое терпения, дочери ринулись в двери комиссара.

– Не смейте, не идите! – Чодрон схватил их за руки и потащил к выходу. Он тащил их со страшной силой, снова через толпу, вниз по ступеням лестницы. И тогда он услышал от них то, что редко кто слышит от своих детей:

– Ты гонишь своего сына на смерть!

– Будь ты проклят, ты нам не отец!

– Да, ты нам не отец! – подтвердила другая».

Атасы үчүн кыздарынан ушундай ачуу сөздү угуу канчалык оор... Чодрон бир чети кыздарынан тирүүлөй ажырап жатат, бир чети уулу согушка кетүүдө, ал кайрылып келеби, келбейби... Ошондогу психологиялык абалды, ички конфликтти Чыңгыз Айтматов терең сүрөттөгөн. Согушка уулун жибербей койсо болот беле?! Кыздарынан да, уулунан да ажырабайт эле! Бүгүн сыздап калбайт эле, азап чекпейт эле! Бирок, уулун жалгыз өзүнүн уулу катары көрбөйт, элдин уулу, Мекендин уулу деп эсептейт, уулунун эр адам катары кабыл алган чечимин сыйлайт, ошон үчүн фронттон токтотуп кала албайт, уулунун чечимин туура көрөт.

«И когда Султана на ходу затащили в вагон, Чодрон опустил руки, потом повернулся и, припадая к потной горячей гриве коня, зарыдал. Он плакал, обнимая шею коня, и так сильно содрогался, что под его тяжестью ноги гнедого коня переступали с места на место».

Мурда жарык көргөн көркөм текстте чыгарманын аягы мындай сүйлөмдөр менен бүтөт: «Солнце поднялось над горами высотой на два тополя, когда Чодрон, миновав малое ущелье, выехал на широкий простор холмистой долины, уходящей под самые снежные горы. Дух захватило у Чодрона – на этой земле жил его сын...»

Ал эми жарык көрбөгөн кол жазмада экинчи бөлүк дал ушул абзац менен башталат. «Здравствуй, земля сына!» – тихо прошептал старик» деген сүйлөм менен андан ары уланып кетет.

Чодрон карыя үчүн уулу Султан жөнүндө ар бир сөз, ар бир көрүнүш баалуу. Ошол үчүн тоолорду, талааларды басып өтөт, бардык нерселерди Султандын көзү аркылуу карайт. Айылдагылар улуу, кичүү дебей ал жөнүндө кадыр-барк, ызаат менен эскеришет. Анын жан дүйнөсүндөгү кайгы-капаны уулу бул дүйнөдө жөн эле жашап өтпөгөнүн билдирген сөздөр бөксөртөт, уулунун эл үчүн кызмат кылганына, аркасына жакшы сөз калтырганына ыраазы болот.

Чыгарманын жарык көрбөгөн бөлүмүндө комсорг Султан Чодроновдун фронттогу тагдыры чагылдырылат. Согушта Султандын бөлүгү, немецтерге туруштук бере албай артка чегинип, көбү өлүп, көбү жарадар болот. Султан жарадар болгон досу Аркадий Ковалевду жонуна артып, душмандан куткарып, советтик армиянын катарына кошулат. Бирок, алардын кубанычынан да азабы башталып, башкысы Султан суракка алынат. Согуш деген согуш... Душманды да, өзгөнү да, өзүн да аябаган мезгил. Согуштун мыйзамы боюнча жоокер чегинбеш керек, өзүнө берилген куралды жоготпошу керек: Буйрук №227.

Демек, согуштук тартипти сактоо керек. Согушта баары болушу мүмкүн, аскер ар кандай кырдаалдарга туш болушу мүмкүн. Согуш деген ошол үчүн согуш... Султан катуу жарадар Аркадийди үстүнө көтөрүп келе жатып, анын мылтыгын сууга түшүрүп алып, таппай калат да, өзүнүн куралын ага берет. Чыгармада бул көрүнүш мындай сүрөттөлөт:

«– Безобразие! Развал дисциплины! Сволочи! – вскричал капитан. – Кто дал приказ отступать? Я спрашиваю, кто приказал отступать?

И опять в строю было тихо. Никто никаких приказов нам не давал. Мы отступали потому, что иного выхода не было. Кто приказал? Смешно. Разве в этом была суть! И тут, я не знаю, почему так сделал Султан, что его толкнуло на это, возможно, он хотел как-то вступиться за нас, прекратить эти оскорбления. Мы не заслуживали оскорблений, если даже мы и бежали. Мы дрались почти голыми руками с танками.

– Я приказал! – ответил Султан.

– Кто ты? Шаг вперед!

– Комсорг роты, рядовой Чодронов, – вышел из строя Султан.

– Комсорг? Да по какому праву? Как ты смел? Сопляк! С этой минуты ты не комсорг. Где твоя шинель? Где твоя оружие? Почему ты на отдаешь честь?

– Шинель и винтовку потерял. А честь вам отдавать не желаю! – негромко сказал он и во дворе замерла жуткая тишина.

Капитан не кинулся к нему, не схватился за кобуру.

– Ты знаешь приказ о расстреле? – спросил он, сдерживая ярость.

– Знаю, номер-227, за утерю оружия на поле боя – расстрел, – ответил Султан».

*(Уландысы бар)*

**Абдылдажан АКМАТАЛИЕВ,**
**Академик,**
**Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА УЛУТТУК АГЕНТТИКТИН СТАТУСУН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА РОЛУН КҮЧӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Инвестицияларды тартуу чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруу системасынын натыйжалуулугун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин статусун жогорулатуу жана ролун күчөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин башчысы инвестициялык саясатка жана инвестициялык долбоорлорго жана макулдашууларга тиешелүү маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жыйналыштарына катышат деп белгиленсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

I бөлүмдүн 1-главасында:

– жетинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары, Президенттин Администрациясынын Жетекчисинин орун басары, Министрлер Кабинетинин мүчөсү (министр, мамлекеттик комитеттин төрагасы), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин башчысы";

– он алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Президентке караштуу (Президенттин түздөн-түз карамагында) мамлекеттик органдын жетекчиси – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин жетекчисин кошпогондо, Министрлер Кабинетине караштуу административдик ведомствонун жетекчиси, аткаруу бийлигинин башка органынын жетекчиси".

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги №115 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин маселелери жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө жободо:

– 13-пункттун "б" пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"инвестициялык макулдашууларды, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка инвестициялык долбоорлорун жана программаларын иштеп чыгуу, макулдашуу жана түзүү процессин борборлоштурулган тартипте координациялайт, ошондой эле алардын аткарылышына мониторинг жүргүзөт;";

– 17, 18-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"17. Улуттук агенттиктин ишин жетектөөнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кызмат ордуна дайындалуучу жана кызмат ордунан бошотулуучу Улуттук агенттиктин башчысы жүзөгө ашырат.

18. Улуттук агенттикте Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарларынын кызмат орундары каралат, алар Улуттук агенттиктин башчысынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарлары болуп англис же башка чет тилин эркин билген адамдар дайындалат.

Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарлары Улуттук агенттиктин башчысына түздөн-түз баш иет жана өз ишин жүктөлгөн милдеттердин чегинде жүзөгө ашырат.";

– 20, 21-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Улуттук агенттиктин башчысы жок болгондо анын милдеттерин Улуттук агенттиктин орун басарларынын бири аткарат.

21. Агенттиктин кызматкерлери, Улуттук агенттиктин башчысынан, Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарларынан, "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк борбору" мамлекеттик мекемесинин жана эркин экономикалык зоналардын кызматкерлеринен тышкары, мамлекеттик жарандык кызматчылар болуп эсептелет. Улуттук агенттиктин башчысы, Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарлары кызмат орундары саясий мамлекеттик кызмат орундарына кирет.";

– 22-пунктта:

биринчи абзацтагы "Директор" деген сөз "Улуттук агенттиктин башчысы" деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацтагы "директордун орун басарлары-нын" деген сөздөр "Улуттук агенттиктин башчысынын орун басарларынын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эки айлык мөөнөттө:

1) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин;

2) ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**5.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №359***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН НАРЫН ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ЖЕР ТИЛКЕЛЕРИН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Нарын шаарынын социалдык-экономикалык маселелерин чечүү, калкты турак жай менен камсыз кылуу, жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануу максатында, Нарын шаардык кеңешинин кезексиз XVII сессиясынын 2025-жылдын 30-октябрындагы №1 токтомун көңүлгө алуу менен, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4, 5-беренелерине, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 6-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №405 "Мамлекеттик мүлктү муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттик Борбордук Азия университети (макулдашуу боюнча) менен биргеликте белгиленген тартипте Борбордук Азия университетинин мөөнөтсүз пайдалануусунда болгон жалпы аянты 223,78 га жер тилкесин Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 2-июлундагы №493 "Борбордук Азия университетинин студенттик шаарчасын (кампус) куруу үчүн жер участогун берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункттун он биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– көрсөтүлгөн жерлерден 40 гектарды төмөнкүлөр үчүн Борбордук Азия университетине туруктуу пайдаланууга берүү жөнүндө:";

– 3-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Борбордук Азия университетине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте университеттик шаарчаны куруу үчүн берилүүчү Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын районунун Ак-Кыя жергесиндеги аянты 12,2 га жер участогунда жайгашкан имараттарды жана курулмаларды сатып алууга уруксат берилсин:".

**3.** Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Нарын шаарынын мэриясына белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунуштасын:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алуу;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү;

3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин андан ары ээликтен ажыратпоо жана аны максаттуу багыты боюнча пайдалануу.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А. КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №805***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН МАНАС АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун Ош филиалынын аймагын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 16, 18, 102-беренелерине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 9-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 17-октябрындагы №01-39/4053 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 14-июлундагы №23-106 жана 2025-жылдын 13-майындагы №73 токтомдорун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Манас айыл аймагында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган жалпы аянты 1,9732 га жер тилкеси, анын ичинде: №87 (0,35 га), №92 (0, 495 га), №143 (0,0782 га), №132 (1,05 га) контурлардагы сугат айдоо жерлери "Кыргызстан аэропорттору" ачык акционердик коомунун Ош филиалынын аймагын кеңейтүү үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин талаптарын сактоону;

5) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашырууда экологиялык талаптарды аткарууну;

6) тиешелүү аймакта жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштешин, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана коопсуздук процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталганда тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аларды сактоону;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №806***

ЖАҢЫЛЫКТАР



# БОЛОТ МИҢЖЫЛКЫЕВге 85 ЖЫЛ

Бишкекте залкар опера ырчысы, СССРдин эл артисти Болот Миңжылкыевдин 85 жылдык маарекесине арналган V эл аралык опера искусствосунун фестивалынын ачылышы салтанаттуу түрдө өттү.

Иш-чарага  Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдиль Байсалов, Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министринин орун басары Тимурлан Ажымалиев, маданият өкүлдөрү, чет элдик коноктор жана маркумдун жакындары катышты. Фестивалдын алкагында Болот Миңжылкыев жараткан Коңурбай, Борис Годунов, Мефистофель, Кутузов сыяктуу унутулгус образдардын опера өнөрүндөгү орду баса көрсөтүлдү. Быйылкы фестиваль маарекелүү мүнөзгө ээ болгондуктан ага Азербайжан, Казакстан, Россия, Түркия, Тажикстан жана Өзбекстандан келген белгилүү опера солисттери катышууда. Бул фестиваль Кыргызстанды дүйнөлүк опера өнөрүнүн өкүлдөрү менен бириктирип, чыгармачылык кызматташтыкты жана маданий байланыштарды чыңдоого багытталган.



# 15 ЖАШТАГЫ БЕЙТАПКА СЕЙРЕК КЕЗДЕШҮҮЧҮ ОПЕРАЦИЯ ЖАСАЛДЫ

Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунда  эң татаал жана сейрек жасалуучу операциялардын бири –  көкүрөк аортасына жана инфрареналдык бөлүгүнө шунт коюу, ошондой эле кыска кан тамырды, жогорку ич көңдөйүнүн жана сол бөйрөк артерияларын протездөө ийгиликтүү аткарылып, оор тамыр патологиясы бар 15 жаштагы өспүрүмдүн өмүрү сактап калынды.

Өспүрүмгө  фибромускулярдык дисплазия диагнозу коюлуп, ич көңдөйүндөгү аорта жана анын эң маанилүү бутактары — кыска кан тамыр, жогорку ич көңдөйүнүн жана бөйрөк артериялары жабыркаган. Бул оору олуттуу артериалдык гипертензияга жана гипертрофиялык кардиомиопатияга алып келген. 2022-жылдан тарта жүргүзүлгөн консервативдик дарылоого карабастан, 2025-жылдын октябрында баланын абалы кескин оорлоп, дары-дармек терапиясы натыйжа бербей калган. Ата-энеси аталган институтка кайрылгандан кийин, бейтап дароо хирургиялык бөлүмгө жаткырылып, кеңири текшерүүдөн өткөрүлдү. Анын жыйынтыгында шашылыш операция талап кылынары аныкталган.  Техникалык жактан абдан татаал жана узакка созулган бул операция ийгиликтүү өттү. Бейтап эки күн жандандыруу бөлүмүндө болуп, андан кийин жалпы бөлмөгө которулган. Учурда анын абалы канааттандырарлык деп баалануууда жана жакын арада үйүнө чыгарууга даярдалууда.

Адистер белгилегендей, мындай операциялар Кыргыз Республикасында жалгыз Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунда гана жасалат. Институт өлкөдөгү жүрөк-кан тамыр хирургиясынын алдыңкы мекемеси болуп саналат жана заманбап жабдуулар, анын ичинде ЭКМО жана аорталдык контрпульсация аппараттары менен камсыздалган. Бул чоңдорго, балдарга жана ымыркайларга татаал операцияларды жасоого мүмкүнчүлүк берет. Саламаттык сактоо министрлигинин штаттан тышкары балдар кардиохирургу жана Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институтунун дарылоо иштери боюнча башкы дарыгери Бекболот уулу Нурболот жасалган операциянын маанилүүлүгүн жана институттун жүрөк-кан тамыр хирургиясындагы ордун баса белгиледи.  «Операция техникалык жактан өтө татаал болду. Анын ийгиликтүү аткарылышы командалык иштин жана институттун материалдык-техникалык базасынын жогорку деңгээлинин аркасында мүмкүн болду. Мындай операциялар республикада жалгыз гана биздин институтта жасаларын баса белгилейбиз. Биздин жамаат балдарга өзгөчө көңүл бурат: 6 жашка чейинки балдарга, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына жана жетим балдарга операциялар акысыз жасалат. Бейтаптын абалы турукташканына кубанычтабыз жана ага толук сакайып кетүүнү каалайбыз», — деди Бекболот уулу Нурболот.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## 2026–2030-ЖЫЛДАРГА МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮДӨ АДМИНИСТРАТИВДИК ТОСКООЛДУКТАРДЫ АЗАЙТУУ, АЛАРДЫН САПАТЫН, НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН ЖАНА КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨР ҮЧҮН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ПРОГРАММАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын калкына мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чараларды көрүү максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2026–2030-жылдарга мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүдө административдик тоскоолдуктарды азайтуу, алардын сапатын, натыйжалуулугун жана керектөөчүлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча программа (мындан ары – Программа) 1-тиркемеге ылайык;

2) Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 2-тиркемеге ылайык;

3) Программаны ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү жана баалоо индикаторлорунун матрицасы 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча):

1) Иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө милдеттүү аткаруу боюнча толук чараларды көрсүн;

2) Иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча ведомстволук пландарды эки айлык мөөнөттө иштеп чыксын жана бекитсин;

3) жыл сайын, жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 20сынан кечиктирбестен Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине берип турсун;

4) Программаны жана Иш-чаралар планын ишке ашырууну тиешелүү жылга бекитилген бюджеттердин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын алкагында жүргүзсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жылдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 30унан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган отчетту берип турсун.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-декабры, №807***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 24-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №183 "МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ ИЖАРАГА, ЧАРБА ЖҮРГҮЗҮҮГӨ, ЫКЧАМ БАШКАРУУГА, АКЫСЫЗ УБАКТЫЛУУ ПАЙДАЛАНУУГА БЕРҮҮ ТАРТИБИН РЕГЛАМЕНТТӨӨЧҮ МАСЕЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү административдик жол-жоболорду оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 "Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө жободо:

– 13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Ушул Жобонун 11-пунктунда аталган мүлктү акысыз мөөнөттүү убактылуу пайдаланууга алган субъекттер төмөнкүлөргө укуксуз:

1) акысыз убактылуу пайдалануу келишими боюнча өз укуктарын башка жактарга өткөрүп берүүгө жана берилген мүлктү келишимде көрсөтүлгөндөн башка максаттарда пайдаланууга;

2) мамлекеттик мүлктү субижарага берүүгө, ушул пунктта каралган учурларды кошпогондо;

3) ижара келишими боюнча өз укуктарын башка жакка күрөөгө өткөрүп берүүгө, милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуунун башка түрлөрүнө өткөрүп берүүгө, аларды юридикалык жактардын уставдык капиталдарына салым катары киргизүүгө, ошондой эле көрсөтүлгөн мүлккө башка жол менен чектөөлөрдү киргизүүгө.

Мында Министрлер Кабинети аныктаган мамлекеттик маанидеги долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик мүлк, атап айтканда кыймылсыз мүлк жана мүлктүк комплекстер акысыз мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилген ушул Жобонун 11-пунктунда көрсөтүлгөн субъекттер мүлктү акысыз же акы төлөнүүчү мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга өткөрүп берүүгө укуктуу.

Акысыз же акы төлөнүүчү мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилген бул мамлекеттик мүлктү ушул Жободо жана же акысыз убактылуу пайдалануу келишиминде каралган максаттарды, шарттарды жана чектөөлөрдү бузуу менен пайдалануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акысыз же акы төлөнүүчү убактылуу пайдалануу келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотууга алып келет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-декабры, №808***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РАДИОЖЫШТЫКТАР БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 108-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча улуттук комиссиясы жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча улуттук комиссиясынын курамы 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июнундагы №363 "Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясынын курамын бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин  2021-жылдын 4-августундагы №106 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июнундагы №363 "Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясынын курамын бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин  2022-жылдын 31-майындагы №293 "Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кээ бир чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин  2022-жылдын 16-ноябрындагы №628 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июнундагы №363 "Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясы жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын Радиожыштыктар боюнча мамлекеттик комиссиясынын курамын бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Санарип кодекси күчүнө кирген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-декабры, №809***

# БИШКЕК, АЛАМҮДҮН, ПАНФИЛОВ, КЫЗЫЛ-КЫЯ, СҮЛҮКТҮ ЖАНА НООКЕН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, катталган талапкерлерди депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө төмөнкү чечимдер келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №15 Бишкек шаардык кеңеши боюнча;

– Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 5-декабрындагы №11 жана 2025-жылдын 8-декабрындагы №12 Чүй облусунун Аламүдүн районунун С.Чокморов жана Достук айылдык кеңештери боюнча;

– Панфилов аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 18-октябрындагы №19 Чүй облусунун Панфилов районунун Курама айылдык кеңеши боюнча;

– Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №8 Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаардык кеңеши боюнча;

– Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №3 Баткен облусунун Сүлүктү шаардык кеңеши боюнча;

– Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №10 Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Д.Садырбаев айылдык кеңеши боюнча.

2) Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №10 катталган талапкерди жеке арызынын негизинде Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун Д.Садырбаев айылдык кеңеши боюнча депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө чечими.

3) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Аламүдүн аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 5-декабрындагы №11 Чүй облусунун Аламүдүн районунун С.Чокморов айылдык кеңеши боюнча;

– Панфилов аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 24-ноябрындагы №22 Чүй облусунун Панфилов районунун Курама айылдык кеңеши боюнча.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 11-бөлүгүнүн негизинде, бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №15 Бишкек шаардык кеңеши боюнча;

– Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №8 Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаардык кеңеши боюнча;

– Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-декабрындагы №3 Баткен облусунун Сүлүктү шаардык кеңеши боюнча.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, катталган талапкерди жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндөгү чечимдерин бекитет".

Бекитүүгө келип түшкөн аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына шайкештигин карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр:

– Бишкек, Аламүдүн, Панфилов, Кызыл-Кыя, Сүлүктү жана Ноокен аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Ноокен аймактык шайлоо комиссиясынын катталган талапкерди депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө чечими 2-тиркемеге ылайык;

– Бишкек, Аламүдүн, Панфилов, Кызыл-Кыя жана Сүлүктү аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын депутаттыкка талапкерлердин тизмесиндеги катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** 1-тиркемеде көрсөтүлгөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып жараксыз деп таанылсын.

**3.** Бишкек, Аламүдүн, Панфилов, Кызыл-Кыя жана Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиялары 3-тиркемеге ылайык жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырышсын.

**4.** Ушул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Ушул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

**Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №192**

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 12-декабрындагы №192 токтомуна 1-тиркеме*

**Аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери**

| № | АШКнын депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечиминин номери жана датасы, негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын аты-жөнү |
|---|---|---|---|
| | | **Бишкек шаары** | |
| 1. | Бишкек АШК, №15, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Бишкек шаардык кеңеши | Конгантиев Куванычбек Камбаралыевич (1) "Жаңы күч-Новая сила" депутаттык фракциясы |
| 2. | Бишкек АШК, №15, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Бишкек шаардык кеңеши | Абиров Жаныбек Болотбекович (7) "Жаңы күч-Новая сила" депутаттык фракциясы |
| | | **Чүй облусу** | |
| **Аламүдүн району** | | | |
| 3. | Аламүдүн АШК, №12, 05.12.2025-ж. (04.12.2025-ж., өз арызы) | Достук айылдык кеңеши (№6 шайлоо округу) | Айтиев Темирлан Тыныбекович |
| 4. | Аламүдүн АШК, №11, 05.12.2025-ж. (10.11.2025-ж., өз арызы) | С. Чокморов айылдык кеңеши (№4 шайлоо округу) | Роговская Мария Олеговна |
| **Панфилов району** | | | |
| 5. | Панфилов АШК, №19, 18.10.2025-ж. (07.10.2025-ж., өз арызы) | Курама айылдык кеңеши (№5 шайлоо округу) | Исаков Жоодар Тологонович |
| | | **Баткен облусу** | |
| **Кызыл-Кыя шаары** | | | |
| 6. | Кызыл-Кыя АШК, №8, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Кызыл-Кыя шаардык кеңеши | Аматов Жаныбек Женишбекович (6) "НДПК" депутаттык фракциясы |
| **Сүлүктү шаары** | | | |
| 7. | Сүлүктү АШК, №3, 09.12.2025-ж. (05.12.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык кеңеши | Набиев Назарбек Раимбекович (4) "Таза коом" депутаттык фракциясы |
| 8. | Сүлүктү АШК, №3, 09.12.2025-ж. (28.11.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык кеңеши | Халбеков Абдилазиз Асанович (2) "Ынтымак" депутаттык фракциясы |
| | | **Жалал-Абад облусу** | |
| **Ноокен району** | | | |
| 9. | Ноокен АШК, №10, 09.12.2025-ж. (08.12.2025-ж., өз арызы) | Д. Садырбаев айылдык кеңеши (№1 Тоскоол-Эски Масы шайлоо округу) | Исманов Ысакбек Полотбекович |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 12-декабрындагы №192 токтомуна 2-тиркеме*

**Аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө чечими**

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин аты-жөнү |
|---|---|---|---|
| **Жалал-Абад облусу** | | | |
| **Ноокен району** | | | |
| 1. | Ноокен АШК, №10, 09.12. 2025-ж. (08.12. 2025-ж., өз арызы) | Д. Садырбаев айылдык кеңеши (№1 Тоскоол-Эски Масы шайлоо округу) | Дубанаева Токтокан Тешебаевна |

(Уландысы 13-бетте)

(Башталышы 12-бетте)

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 12-декабрындагы №192 токтомуна 3-тиркеме*

**Аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таануу жөнүндө чечимдери**

| № | АШКнын бош калган депутаттык мандатты өткөрүп берүү боюнча чечиминин номери жана датасы | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин шайланган депутатынын аты-жөнү | Иштеген жери, ээлеген кызмат орду |
|---|---|---|---|---|
| **Бишкек шаары** | | | | |
| 1. | Бишкек АШК, №15, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Бишкек шаардык кеңеши | Мамырканов Бекзат Тынчылыкович (20) “Жаңы күч-Новая сила” саясий партиясы | “СоцАрго” ЖЧКнын директору |
| 2 | Бишкек АШК, №15, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Бишкек шаардык кеңеши | Дунканаев Айбек Медетбекович (22) “Жаңы күч-Новая сила” саясий партиясы | КР Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы “Дипломатиялык сервис” мамлекеттик ишканасынын протоколдук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы |
| **Чүй облусу** | | | | |
| **Аламүдүн району** | | | | |
| 3. | Аламүдүн АШК, №11, 05.12.2025-ж. (21.11.2025-ж., өз арызы) | С. Чокморов айылдык кеңеши (№4 шайлоо округу) | Бекботоева Гульнара Раимкуловна | Убактылуу иштебейт |
| **Панфилов району** | | | | |
| 4. | Панфилов АШК, №22, 24.11.2025-ж. (18.11.2025-ж., өз арызы) | Курама айылдык кеңеши (№5 шайлоо округу) | Абдрасулова Венера Маймрамбековна | А. Тилекеев атындагы Орто-Арык орто мектебинин мугалими |
| **Баткен облусу** | | | | |
| **Кызыл-Кыя шаары** | | | | |
| 5. | Кызыл-Кыя АШК, №8, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Кызыл-Кыя шаардык кеңеши | Заиров Хасан Калилович (10) “НДПК” саясий партиясы | Пенсионер |
| **Сүлүктү шаары** | | | | |
| 6. | Сүлүктү АШК, №3, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык кеңеши | Исабеков Бекмырза Нурдинович (5) “Таза коом” саясий партиясы | Транспорт департаментинин Баткен аймактык башкармалыгынын транспорттук көзөмөл пунктунун улук инспектору |
| 7. | Сүлүктү АШК, №3, 09.12.2025-ж. (09.12.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык кеңеши | Жумагулов Талантбек Абдыкулович (4) “Ынтымак” саясий партиясы | “Бай-Көмүр” ЖЧКнын директору |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН КАТТОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 65-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 5-декабрындагы №162, 2025-жылдын 7-декабрындагы №164, №165, №166, №167, №168, №169, №170, №171, №172, №173, №174 жана №175, 2025-жылдын 8-декабрындагы №176, №177, №178, №179, №180, №181, №182, №183, №184, №185, №186, №187, №188, №189, №190 жана №191 көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндөгү токтомдоруна ылайык, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** 29 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча төмөнкү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин шайланган депутаттары катталсын:

**1. №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
1) Ажибаев Чыңгыз Ильяскожоевич
2) Жороев Исманали Эгембердиевич
3) Талиева Камила Абдыразаковна

**2. №2 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
4) Атажанов Ырысбек Ысламович
5) Калпаев Бактыяр Алиевич
6) Аманова Бурун Кушбековна

**3. №3 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
7) Рысбаев Равшанбек Рысбаевич
8) Аматов Жаныбек Женишбекович
9) Мавлянова Махабат Эргешовна

**4. №4 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
10) Рустамбек уулу Советбек
11) Жаанбаев Уланбек Коргонбаевич
12) Алимжанова Нилуфар Якубжановна

**5. №5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
13) Сулайманов Эльдар Нурланович
14) Исираилов Азамат Алмазбекович
15) Ахмедова Айгуль Абдилхаевна

**6. №6 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
16) Кудайбердиев Алтынбек Мусажанович
17) Эргешов Бекмурза Аскарбаевич
18) Аманова Санталат Абдылдаевна

**7. №7 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
19) Козуев Алишер Абибиллаевич
20) Кубанычбеков Илимбек Кубанычбекович
21) Машрапова Гүлай Эгемназаровна

**8. №8 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
22) Акаев Жанарбек Кубанычович
23) Примов Улан Бердибаевич
24) Торобекова Нуржамал Турсуналиевна

**9. №9 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
25) Джалилов Азамжан Абдуллажанович
26) Толонов Данияр Эрмекович
27) Эгенбердиева Жылдыз Абдылдаевна

**10. №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
28) Зулушев Курманкул Токторалыевич
29) Омурзаков Суйунбек Абдылдаевич
30) Баатырова Гүлнара Маришовна

**11. №11 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
31) Ташиев Шаирбек Кыдыршаевич
32) Кылычбаев Алтынбек Таирович
33) Салямова Венера Хамзаевна

**12. №12 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
34) Чолпонбай уулу Бекмырза
35) Масабиров Талайбек Айтмаматович
36) Курманалиева Жылдыз Кочкоралиевна

**13. №14 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
37) Борбиев Болотбек Ибраимович
38) Сулайманов Кундузбек Кошалиевич
39) Култаева Гулшаркан Оконовна

**14. №15 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
40) Тургунбек уулу Нурланбек
41) Турсунбаев Азизбек Атакозуевич
42) Абдибаева Айсаракан Нышановна

**15. №16 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
43) Джумабеков Дастанбек Артисбекович
44) Чотонов Медер Осконбекович
45) Кайрылбекова Медина Кайрылбековна

**16. №17 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
46) Азыгалиев Нурланбек Асанбекович
47) Узакбаев Улукбек Камчибекович
48) Эсенаманова Чолпон Замирбековна

**17. №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
49) Ханджеза Карим Лемзарович
50) Чомоев Бакыт Муратбекович
51) Сатиева Гулжан Эркинбековна

**18. №19 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
52) Алиев Медербек Кубанычевич
53) Эгембердиев Абдылдабек Жолдошалиевич
54) Тайгараева Эдита Каныбековна

**19. №20 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
55) Айтиев Темирлан Тынычбекович
56) Атамбаев Сеидбек Алмазбекович
57) Ашымбаева Токтобүбү Абасовна

**20. №21 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
58) Конгантиев Куванычбек Камбаралыевич
59) Абиров Жаныбек Болотбекович
60) Садырбаева Жылдыз Эсенбековна

**21. №22 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
61) Бекешев Дастан Далабайевич
62) Ибрагимов Болот Адылбекович
63) Кожокулова Гуля Акматкуловна

**22. №23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
64) Сурабалдиева Эльвира Жыргалбековна
65) Маматалиев Марлен Абдырахманович
66) Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевич

**23. №24 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
67) Салымбеков Жумабек Мамытбаевич
68) Карыбек уулу Улукбек
69) Акимбаева Гульнара Орозбековна

**24. №25 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
70) Шабазов Бахридин Валиевич
71) Тентишев Бакыт Эркинович
72) Сейтказиева Эркеайым Алымовна

**25. №26 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
73) Саккараев Медербек Джаманкулович
74) Исеналиев Эркинбек Аскеевич
75) Исаева Джамиля Кубанычбековна

**26. №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
76) Түмөнбаев Акылбек Тогузбаевич
77) Муратбеков Табылды Муратбекович
78) Молдобекова Гулкан Сакиновна

**27. №28 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
79) Кокулов Эрулан Калчороевич
80) Сагынаев Болот Турусбекович
81) Жунушбаева Рахат Мырзабековна

**28. №29 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
82) Сыдыгалиев Нурбек Омурбекович
83) Белеков Адилет Чолпонбекович
84) Жунушалиева Гүлсүнкан Ишенгазиевна

**29. №30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча:**
85) Самаков Кубанычбек Карганбекович
86) Бакасов Улан Болотбекович
87) Таалайбек кызы Жылдыз

**2.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин катталган депутаттарына белгиленген үлгүдөгү ырастамалар жана төш белгилер берилсин.

**3.** Ушул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтүлсүн.

**4.** Ушул токтом “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

**Бишкек ш., 2025-жылдын 12-декабры, №193**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖЕРДЕ ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНА СУУ ТРАНСПОРТУ ДЕПАРТАМЕНТИНИН ЫСЫК-КӨЛ АЙМАКТЫК БАШКАРМАЛЫГЫ

## кадрлар резервине киргизүү үчүн улук жана кенже кызмат орундарына ачык сынак жарыялайт.

**Квалификациялык талаптар:**

***Негизги.***

**1. Административдик кызмат орунунун улук тобу транспорт багыты боюнча:**

***- Транспорт көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысына***

**Кесиптик билим деңгээли:**

1. "Техникалык илимдер" чөйрөсүндөгү жогорку техникалык кесиптик билиминин төмөндөгү багыттагы адистиктери:
- "Жер транспортунун системалары" багытындагы "Автомобиль жана автомобиль чарбасы" адистиги;
- "Автотранспорт каражаттарын эксплуатациялоо" багытындагы "Ташууну жана транспортту башкарууну уюштуруу", "Жол кыймылын уюштуруу", "Кыймылды уюштуруу жана коопсуздук", "Автомобиль транспортун эксплуатациялоо" адистиктери;
- Курулуш багытындагы "Автоунаа жолдору жана аэродромдору" адистиги;
- "Транспорттук техника жана технология" чөйрөсүндөгү жогорку техникалык кесиптик билиминин төмөндөгү багыттагы адистиктери:
- "Транспорт-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эксплуатациялоо" багытындагы "Автомобиль транспорту", "Суу транспорту", "Машина куруу" адистиктери.

**Иш стажы жана тажрыйбасы:**

- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматта жалпысынан бир жылдан кем эмес иш стажы же тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы;

**1.2. Административдик кызмат орундарынын кенже тобу транспорт багыты боюнча:**

***- 2 улук инспектору***

**Кесиптик билим деңгээли:**

1. "Техникалык илимдер" чөйрөсүндөгү жогорку техникалык кесиптик билиминин төмөндөгү багыттагы адистиктери:
- "Жер транспортунун системалары" багытындагы "Автомобиль жана автомобиль чарбасы" адистиги;
- "Автотранспорт каражаттарын эксплуатациялоо" багытындагы "Ташууну жана транспортту башкарууну уюштуруу", "Жол кыймылын уюштуруу", "Кыймылды уюштуруу жана коопсуздук", "Автомобиль транспортун эксплуатациялоо" адистиктери;
- Курулуш багытындагы "Автоунаа жолдору жана аэродромдору" адистиги;
- "Транспорттук техника жана технология" чөйрөсүндөгү жогорку техникалык кесиптик билиминин төмөндөгү багыттагы адистиктери:
- "Транспорт-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эксплутациялоо" багытындагы "Автомобиль транспорту", "Суу транспорту", "Машина куруу" адистиктери.

**Иш стажы жана тажрыйбасы:**

- Иш стажы талап кылынбайт

**Квалификациялык талаптар:**

***Негизги.***

**1.1. Административдик кызмат орундарынын кенже тобу финансы-экономика багыттары боюнча:**

***- жетектөөчү адиси***

**Кесиптик билим деңгээли:**

- "Экономика жана башкаруу» чөйрөсүндөгү жогорку техникалык кесиптик билиминин «Экономика» багытындагы адистиктер
- «Бухгалтердик эсеп жана аудит»
- "Дүйнөлүк экономика"
- «Финансы жана кредит»
- «Ишкананын экономикасы» адистиктери.

**Иш стажы жана тажрыйбасы:**

- Иш стажы талап кылынбайт

**Сынакка катышуу үчүн төмөнкү документтерди тапшыруу керек:**

- жеке арыз;
- сүрөтү менен резюме (телефон номерин жана электрондук почтасын көрсөтүү менен);
- Өмүр баян (соттуулугу бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен);
- негизги жана кошумча билимин тастыктаган документтердин нотариус тарабынан же акыркы иштеген жери боюнча күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;
- нотариалдык күбөлөндүрүлгөн же акыркы иштеген жери боюнча эмгек китепчесинин көчүрмөсү (иш стажы бар болсо);
- илимий даражаны жана илимий наамды ыйгаруу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү (бар болсо);
- паспорттун көчүрмөсү;
- талапкердин жеке маалыматтарын берүүгө, чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 Токтому менен белгиленген форма боюнча).

Сынакка катышуучу адамдар кошумча сунуш каттарды бере алышат.

Сынакка катышууну каалаган жарандар гезитке **жарыя чыккан күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде саат 17.00гө чейин** папкага салынган документтерин **Балыкчы ш., Озёрная көч., 221, тел.: (03944) 5-09-14, (0708) 45-50-09 иш күндөрү саат 9.00дөн 18.00гө чейин дүйшөмбүдөн жумага чейин** тапшыра алышат. Белгиленген талаптарга жооп бербеген документтерди жана маалыматтарды тапшырган жарандар ачык конкурска катыша албайт.

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

***В связи с утерей гос.акта о праве частной собственности на земельный участок №100155 (от 27.04.2007 г.) на имя Кудабаева Бусурмана Жолдошбековича считать недействительным.***

Н-901

***Султаналиева Зинаидага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №293578 (24.02.2011-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-902

***Урматбекова Гулжан Урматбековнага тиешелүү диплому сериясы СС 120082119 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Муратбеков Нуршат Муратбековичке тиешелүү диплому сериясы УБ 230222511 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Кара-Кулжа районуна караштуу Кара-Кулжа айылынын тургуну Мураталиева Жанара Аманбаевнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 21209141 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 092

***Качкын кызы Назирага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧА №0057325 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***Кадыркулов Орозбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №0086575 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Горбунова Елена Леонидовна код ОКПО 27741303 считать недействительным.***

М.б.

***Чылабаев Курманбекке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы АБ №01605 (26.11.1998-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П 869

***Кушбаков Баатырбек Мадакимовичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №077937 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

М.б.

## "Евразиялык Сактык Банкы" ААК

### акционерлеринин жалпы чогулушунун жыйынтыгы.

**Өткөрүлгөн күнү:** 2025-жылдын 10-декабры.
**Өткөрүлгөн жери:** Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 40/1, "Евразиялык Сактык Банкы" ААКнын башкы офиси.
**Өткөрүүнүн формасы:** - ачык.
**Чогулуштун кворуму:** - 72,59%.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамына 3 (үч) киши бекитилсин.
2. 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча "Евразиялык Сактык Банкы" ААКнын тышкы аудитору катары "Кыргызаудит" ЖАК бекитилсин жана тышкы аудиторго сыйакы бекитилсин.

С/О 263

## "ФинансКредитБанк" ААКсы

***маанилүү факты боюнча маалыматты ачыктоо максатында төмөнкүлөр жөнүндө билдирет. Банктын Директорлор кеңешинин 2025-жылдын 12-декабрындагы кезексиз жыйынында төмөнкү чечимдер кабыл алынган:***

1. "ФинансКредитБанк" ААКнын Башкармалыгынын төрагасы кызматынан И.А. Зинченко өз каалоосу менен берген арызына ылайык ээлеген кызматынан бошотулсун.
2. 15.12.2025-жылдан баштап "ФинансКредитБанк" ААКнын Башкармалыгынын төрагалык кызматынын милдетин аткаруу, башкармалыктын төрагасынын орун басары А.К. Мамбеталиевге жүктөлсүн.

## ОАО «ФинансКредитБанк»

***в порядке раскрытия информации уведомляет о нижеследующем. На внеочередном заседании Совета директоров Банка 12 декабря 2025 г. приняты решения:***

1. Освободить от занимаемой должности Председателя Правления ОАО «ФинансКредитБанк», Зинченко И.А., согласно поданного заявления об увольнении по собственному желанию.
2. Обязанности Председателя Правления ОАО «ФинансКредитБанк» возложить на Заместителя Председателя Правления, Мамбеталиеву А.К. с 15.12.2025 г.

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям третьего транша четвертого выпуска (рег.№ KG 0204211518 от 11.01.2023 г.) за одинадцатый процентный период, дата выплаты с 6 декабря 2025 г., с учетом выходных дней фактическая дата выплаты с 8 декабря 2025 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 29 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 171 825,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 26 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 138 100,00 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 33 725,00 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 3 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 142 |
| Причина невыплаты | не востребованы инвестором* |

* Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты: На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО "МФК "АБН", предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

## Общество с ограниченной ответственностью «Первая Металлобаза»

***сообщает, что с 26 декабря 2025 года производит выплаты доходов по именным процентным облигациям восьмого выпуска при частной эмиссии (25 декабря 2024 г. Государственной службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Правительстве КР внесена запись в Единый государственный реестр ценных бумаг в Кыргызской Республике о выпуске облигаций).***

**Выплата доходов по именным процентным облигациям будет осуществляться в период с 26 декабря 2025 г. по 10 января 2025 г.**

- Размер дохода на одну ценную бумагу - **16% годовых;**
- Дата, по состоянию на которую определяется список владельцев ценных бумаг, имеющих право на получение дохода по ценным бумагам: **23 декабря 2025 г.;**
- Номинальная стоимость облигации - **5 000 сом;**
- Выплата процентов будет осуществляться денежными средствами в офисе Финансовой компании «СЕНТИ», адрес: **г. Бишкек, пр. Чуй, 219, 9 этаж**, а также путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций.

**Получить дополнительную информацию Вы можете по телефону: +996 (559) 610-025.**

С/О 270

Жаңылыктар

## ЖАҢЫ ТОМДУКТАР ЖАРЫК КӨРДҮ

КРнын Президентине караштуу Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Адабият институту тарабынан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын орус тилиндеги 12 томдук жыйнагы Президент Садыр Жапаровдун баш сөзү менен жарык көрдү. Жыйнактын түзүүчүсү жана башкы редактору белгилүү Айтматов таануучу, академик Абдылдажан Акматалиев. Илимий комментарийлерди жана түшүндүрмөлөрдү жазган Айнура Кадырманбетова жана Гүлжигит Соронкулов. Жооптуу редактору Нурзина Ыйсаева. Жыйнак Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Китеп палатасы жана "Имак-офсет" басмасынын колдоосу менен жарыкка чыкты.

Бул жыйнакка залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан алгачкы "Газетчи Дзюйо" аңгемесинен тартып, эң соңку романдарына чейинки бардык чыгармалары, ошондой эле мурда жарыяланбаган "Чоор жана жер", "Алтын жана кар" повесттери, "Уулу менен жолугушуу" аңгемесинин жарыяланбаган экинчи бөлүгү, 1951-жылдан берки публицистикалык макала, маектери толук камтылган.

## САЛЫКТЫН ПЛАНЫ АШЫГЫ МЕНЕН АТКАРЫЛУУДА

Быйылкы жылга салык боюнча план 268 млрд сом болсо, жыл аягына чейин 303 млрд сом чогултабыз деген максат бар экенин Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары Кубанычбек Ысабеков билдирди. Анын айтымында, быйылкы жылдагы 11 айдын жыйынтыгы менен 275 млрд сом салык чогултулган. "Биринчи коюлган план 12 эмес, 11 айда эле ашыгы менен аткарылды. Азыр бюджет менен планда дагы өзгөртүүлөр болуп жатат. Бирок, жалпысынан 303 млрд дегенибизде биз дээрлик 35 млрд сом ашыкча чогултуудабыз" деди. Бул мамлекеттик милдеттемелерди толук кандуу аткарып, кошумча колдоо көрсөткөнгө мүмкүнчүлүк болуп жатат. Ал эми камсыздандыруу төлөм боюнча жылдык план 75 млрд сом болсо, 82 млрд чогултуп, дээрлик 7 млрд ашыгы менен жыйналууда. Эске салсак, быйыл салыктык жеңилдиктер берилип, салыктар боюнча ставкалар төмөндөтүлгөн. Ошого карабастан ири көлөмдө салык чогултулууда.

## ГЕПАТИТТИ ЖУКТУРГАНДАР КӨБӨЙДҮ

Өлкөдө акыркы үч жыл ичинде гепатитти аныктоо максатында 2 миллион 200 миңге жакын лабораториялык анализ жасалып, алардын ичинен 57 миң 300 жарандан вирус аныкталган. Бул тууралуу Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана ВИЧ-инфекцияны көзөмөлдөө борборунун директору Үмүт Чокморова билдирди. Анын айтымында, гепатит менен ооругандардын саны жыл сайын өсүп жатат. Азыркы учурда эң коркунучтуусу В, С, Д түрлөрү болууда. Булар кан, жыныстык катнаш аркылуу жугуп, энеден балага өтүүдө. Гепатиттин аталган түрлөрү симптомсуз өткөндүгү маселе жаратып, аны жуктуруп алгандар тилекке каршы дартын кеч аныкташууда. Ооруп калгандардын көбү жаштар. Акыркы үч жыл ичинде 57 миң 300 жарандын бул вирус менен ооруп жүргөнү аныкталса, анын 36 600гө жакыны гепатиттин В түрү менен ооруйт. 20 700 адам С гепатитин жуктуруп алган. Мындан тышкары, гепатитин В, Д түрү менен ооругандардын саны 727ни түзөт. Андыктан бүгүнкү күндө илдетти жуктуруп алгандарды аныктоо, дарылоо жана эмдөө акысыз жүргүзүлүп, дарыгерлер атайын окуудан өтүүшүүдө.

**"Эркин-Тоо" пресс**

**Собрание кредиторов ОАО "Кадамжайский сурьмяный комбинат" - банкрот**

***Решением Межрайонного суда Баткенской области от 25.02.2020 года***

ОАО «Кадамжайский сурьмяный комбинат»

***было признано банкротом.***

Приказом Департамента по делам банкротства от 12.12.2025 года №215 специальным администратором ОАО Кадамжайский сурьмяный комбинат» назначен

**Бейшеев Алмаз Эсеевич**

*(лицензия №107 от 18 июля 2000 года)*

Очередное собрание кредиторов состоится **15 января 2026 года в 10.00 часов** по адресу: **Баткенская область, Кадамжайский район, город Кадамжай, ул. Заводская, 12.**

Участникам собрания необходимо иметь при себе документ удостоверения личности. Представителям кредиторов необходимо иметь при себе надлежащим образом оформленный документ, подтверждающий их полномочия, а также документ удостоверения личности.

Для участия на собрании кредиторов с правом голоса, кредиторы не подавшие претензии обязаны подать специальному администратору ОАО "КСК" свои требования (претензии) **за 7 календарных дней до начала** собрания кредиторов.

Также, для участия на собрании кредиторов с правом голоса и в целях голосования обеспеченный залогом кредитор должен оценить стоимость предмета залога (оценочная стоимость) и объявить это на собрании кредиторов.

**По всем вопросам повестки дня обращаться по номеру: 0555 (702) 923-098.**

Мб

**ЖОГОЛДУ**
**УТЕРЯ**

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сыдыкакунова Гульмира Акматовна код ОКПО 29819212 считать недействительным.***
М.б.

***Багышова Анархон Донбайевнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28624245 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Валиева Зуурага тиешелүү сериясы Ч №890586 (25.12.2019-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-903

***Аширов Самайбекке тиешелүү сериясы Ч №141330 (08.07.2008-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-903

***И.Ахунбаев атындагы Каракол Медициналык колледжи тарабынан берилген Асылбек уулу Айбекке тиешелүү диплому сериясы ШС №180017167 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-903

***Апел Усеновага тиешелүү сериясы Ч №544568 (18.08.2014-жылы берилген) жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-903

***Ахмедов Расулжан Карабековичке тиешелүү жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №0032920, иден.коду 3-04-01-0010-0215 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Игамбердиева Шахноза Тахирджановнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы Ч№339706 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Игамбердиев Музаффар Саибджановичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндө жеке ишкердик күбөлүгү ОКПО коду 21467439 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Бекмаматов Таалай Тарасбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы Ч №418826, иден.коду 3-05-12-1005-0202 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Д-05

***Намазбеков Эмилбек Абжалбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мам.актысы сериясы Ч №721083 (03.08.2012-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 031

***Талас районуна караштуу Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тиешелүү сериясы Б №040252 жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 702

***Талас районуна караштуу Каракол айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тиешелүү серия Б №017336 жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 702

***В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Абышова Мунара Дүйшембиевна код ОКПО 31253284 считать недействительным.***
М.б.

***В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №136833 и договора купли-продажи №5048 (от 30.04.2004 г.) на имя Исламовой Фариды Турсуновны считать недействительными.***
Н-904

***Джельчиев Усарбек Токтомышевичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №915805 (20.04.2020-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
М.б.

***Кадамжай районунун Кадамжай шаарындагы Эрмек Бий көчөсүнүн тургуну Назаров Нурали Каримовичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №353008 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
Н-905

***Өзгөн районунун тургуну Эсеналиев Уланбек Пазылбековичке таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28725029 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 601

***Өзгөн районунун тургуну Абдиллажанова Матлюба Абдиллажановнага таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №1184660 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 124

***Өзгөн районунун тургуну Кыдыралиев Абдираим Джакыповичке таандык рай.статтан берилген мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24851059 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 200

***Өзгөн районунун тургуну Акиев Баатырбек Ташмаматовичке таандык мам. каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29948820 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***
П/П 596

***В связи с утерей зачетной книжки серия СК №245016825 на имя Ермек Думан Бауржанулы считать недействительным.***
М.б.

**ЖАРНАМА**
**Тел.: (0312) 62-19-06**
**РЕКЛАМА**

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

**Башкы редактор**
КАРБОСОВА
Жазгүл
Жузуповна

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Веб-сайт – 62-38-71
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Баткен облусу (0772) 07-60-60
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 603. Нускасы 5322
Басууга 15.12.2025-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



КУТ ДААРЫГАН САРЫ-ӨЗӨН

### Чүй токой аңчылык чарбасынын директору Айбек СЫДЫГАЛИЕВ:

# “БАШКЫ МАКСАТЫБЫЗ – ЖАРАТЫЛЫШТЫ ЖАБЫРКАТПАЙ САКТОО”

**- Айбек Самыйбекович, жаратылыш байлыктарынан токой тармагы айрыкча орунда турат. Чырпыкты чынар кылып жетилтүү түйшүгү түмөн. Токойчулардын эмгеги, мээнети теңдешсиз. Негизги милдет, жасалуучу иштериңиздерден айтып берсеңиз?**

- Чүй токой аңчылык чарбасы көп тармактуулугу жана стратегиялык маанисинин бийиктиги менен бекемделип турат. Биздин негизги миссиябыз – токойлорду, жапайы жаныбарлар дүйнөсүн жана жалпы табигый экосистемаларды коргоо, калыбына келтирүү болуп саналат. Эң башкысы, улам кийинки муундарга мурас катары жаратылыш байлыктарын сактап, өткөрүп берүүбүз өтө зарыл. Демек, бүгүнкү күндө мамлекеттик деңгээлде көтөрүлүп жаткан «Жашыл мурас» багытын барктап, улантуу улуу муундардын гана парзы эмес, баарыбыздын ыйык парзыбыз. Жашыбыздан жаратылышка жакын өсөк, жабыркатпай көздүн карегиндей сактасак «Жашыл мурас» жаратылыш байлыктарыбыз кылымдар солк этпей кереметке, кенчке айланат. Андыктан токой мыйзамдарына, токой тармагындагы ыйгарым укуктуу органдардын чечимдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматы тарабынан берилген тапшырмаларга жана ведомстволук көрсөтмөлөргө таянуу менен ишмердүүлүгүбүз жүргүзүлөт.

Чүй токой аңчылык чарбасынын тарыхы, токой фондунун структурасы, токойлорду калыбына келтирүү жана коргоо боюнча аткарылган иштер тууралуу айтып олтурсак, сөзүбүз түгөнбөс. Айталык, карантиндик зыянкечтерге каршы күрөш, өрт коопсуздугу, жапайы жаныбарлар дүйнөсүн сактоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо жаатында көп иштер илгерилөөдө. Жыл аяктап баратат, 2026-жылга карата милдеттер такталууда.

Тарыхыбызга токтолсом, Чүй токой аңчылык чарбасы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин 1947-жылдын 23-июнундагы №782 токтомунун негизинде уюштурулган. Чарба Кыргыз ССРинин Токой чарбасы министрлигинин тарабынан Кыргыз ССРинин Токой өнөр жайы министрлигинен кабыл алынган токойлордун базасында түзүлгөн.

Ошондон бери токой чарбасы бир нече тарыхый этаптарды басып өтүүдө. Өлкөдөгү токой саясатынын өзгөрүшүнө жараша жандандык, мамлекеттик башкаруу органдарынын реформасына салым киргиздик. Экономикалык кыйынчылыктарга жана климаттык чакырыктарга карабастан каруууну казык кылып келүүдөбүз. Тиешелүү иштерибиздин функцияларын аткаруу – токой фондун сактоо жана өнүктүрүү, аңчылык чарбачылыгын жөнгө салуу, экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча туруктуулук менен иштешип жатабыз.

Чүй токой аңчылык чарбасынын жалпы аянты 33 560,8 гектарды түзөт. Анын ичинен токой баскан аянт – 12 865,7 гектар болуп, калган бөлүгү токойлуу, токойсуз, жайыт, айдоо, курулуш, жолдор, суу бети жана башка категориядагы жерлерден турат.

Чарбанын курамында 5 токойчулук бар:

Токмок токойчулугу – 2 737,2 га, анын 1 239,3 га – токой менен капталган;

Кегети токойчулугу – 9 919 га, анын 3 926,8 га – токой менен капталган;

Шамшы токойчулугу – 12 433,5 га, анын 5 174,1 га – токой менен капталган;

Даркан токойчулугу – 823,1 га, анын 247 га – токой менен капталган;

Ысык-Ата токойчулугу – 7 648 га, анын 2 278,5 га – токой менен капталган.

«Токой – элдин байлыгы, эл – токойдун сакчысы», «Токой – кыргыздын деми, тоонун жаны» деген накыл сөздөр биздин ишибиздин философиялык маңызын эң так чагылдырат.

Бул маалыматтар Чүй токой аңчылык чарбасынын аймагында токой фондунун жана токойсуз жерлердин кеңири спектрин камтып, токой чарбачылыгын пландык негизде жүргүзүү үчүн маанилүү база болуп эсептелет.

2011-жылдагы токойду жайгаштыруу (лесоустройство) материалдары боюнча Чүй участогу жана Ысык-Ата участогунун жер категориялары иликтенген. Аталган чарбанын токой жана токойсуз фондунун туура башкарылышына, пландоо иштерине, токойлорду калыбына келтирүүгө, санитардык жана токойду коргоо иш-чараларын так аймактык тариздөөгө негиз болуп берет.





Чүй токой аңчылык чарбасынын курамында 8 токой көчөткана иш алып барат. Алардын төртөөсү – тоо шартында, төртөө – түздүк аймакта жайгашып, жалпы 22 гектар аянтты ээлейт. Анын 7 гектарында түздөнтүз көчөт өстүрүлөт, калган аянттарда көчөттөрдү жашылдандыруу участкаларына чыгарганга чейинки кам көрүү, көчөттөрдү өстүрүү жана даярдоо иштери жүрөт.

Учурда көчөтканада жалпысынан 600 000гө жакын көчөт өстүрүлүүдө. Анын курамына:

• ийне жалбырактуу токой породалары (тянь-шань карагайы, көк карагай, кызыл карагай, пихта, крым карагайы, кипарис ж.б.),

• жалбырактуу жана жемиш дарактары (дуб, чынар, кайың, катальпа, каштан, терек, карагач, алма, жаңгак ж.б.),

• декоративдик дарак жана бадал породалары кирет.

**- 2025-жылкы пландардын алкагында кандай иштерди илгерилеттиңиздер?**

- 50 гектар токой отургузуу планы аткарылып, 25 966 даана көчөт отургузулду;

• Токмок, Даркан, Ысык-Ата, Кегети жана башка участоктордо алма, жаңгак, тянь-шань карагайы жана декоративдик породадагы дарактар кеңири отургузулду;

• 150 кг дарак уруктары даярдалып, 0,2 га аянтка ийне жалбырактуу породалардын уруктары себилди;

• 8 550 даана сеянец жана 35 500 даана калемчелер өстүрүлдү;

• 3 000 м арык тазаланып, 1 600 м жаңы арык казылды.

Күзгү кампанияда Кегети токойчулугунда 8,5 га аянтка ийне жалбырактуу породалар отургузулуп, Токмок токойчулугунда 347 даана катальпа жана 13 миңден ашык көчөт отургузулду.

Жалпысынан бүгүнкү күндө күнөсканада 493 040 даана 25 түрдүү көчөт токойлорду калыбына келтирүүгө даяр турат.

Акыркы он жылдыкта Кыргызстандын токой чарбасы үчүн эң олуттуу коркунуч туудурган карантиндик зыянкечтердин бири – кара-коло түстөгү кызыл карагай мурутчаны (черно-бронзовый усач). Бул зыянкеч айрыкча кызыл карагай плантацияларын кургатып, ири аянттардагы токойлордун биологиялык туруктуулугуна жана экосистемалык тең салмактуулугуна терс таасирин тийгизүүдө.

Карагай мурутчанынын алгачкы очогу 2009-жылы Кегети токойчулугунда аныкталган. Ошондон кийин Чүй райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан атайын тескеме кабыл алынып, жабыркаган аймакка карантин киргизилген. Зыянкеч толук жоюлмайынча, бул карантин бүгүнкү күнгө чейин алынган жок.

**- Токойлорду санитардык жактан жакшыртуу жана зыянкечтин жайылышынын алдын алуу үчүн кандай аракеттер жасалды?**

- 2015-жылы – 51,8 м³ тандалма санитардык кыюулар; 2018-жылы – 24,8 м³ тандалма санитардык кыюулар;

2022-жылы – 141,45 м³ аралаш санитардык кыюлар, 2024-жылы – 142,11 м³ тандалма санитардык кыюулар, 2025-жылы – 183,93 м³ тандалма санитардык кыюулар жүргүзүлдү.

2025-жылдан тартып карагай мурутчанына каршы биотехникалык күрөштө феромондук тузактарды колдонуу радикалдуу күчөтүлдү: мурда ар 6 гектарга 1 тузактан коюлуп келсе, азыр ар 6 гектарга 3 тузактан орнотулууда. Бул зыянкечтерди кармоону бир нече эсеге эффективдүү кылат. Мониторингдин тактыгын жогорулатат.

Жаңы очокторду эрте аныктоого шарт түзөт. Зыянкечтин көбөйүү циклин үзүүгө жардам берет.

**- Баарын айтып олтурсак барак түт келер эмес. Жаңы жыл астында кандай каалооңуз бар?**

- Чүй токой аңчылык чарбасынын коллективинин атынан өлкө жетекчилигине, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн саясатына терең ыраазычылык билдиребиз. «Жашыл мурас» сыяктуу программалар – бул жөн гана лозунг эмес, иш жүзүнө ашып жаткан зор иш. Реалдуу каржылык жана уюштуруучулук колдоосу бар, келечек муундарга багытталган мындай стратегиялык демилгелер улана берсин.

Бул жерде Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Токой кызматынын директору Тагаев Мураталы Абдыкаровичке өзгөчө ыраазычылык билдиргим келет. Ал киши кызматка келгенден бери токой тармагындагы иштердин ыргагы жана сапаты байкаларлык деңгээлде жакшырып, токой чарбаларынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, эмгек акынын жогорулашына жана кызматкерлердин социалдык абалын жакшыртууга багытталган конкреттүү чечимдер ишке ашырылууда. Биз ыраазыбыз.

**Айчүрөк МАКЕШОВА**



*Жаңы техникалар күч берет*






*Токой иштери чыңдалууда*